2022-2023

ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ

# ОКУУ-ТАРБИЯ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ БОЮНЧА ОТЧЁТ

## КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

# 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ОКУУ-ТАРБИЯ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ БОЮНЧА ОТЧЁТ

Бишкек-2023



«ИЛИМ – ЖАШООНУН ЧЫНЫГЫ ДААНЫШМАНЫ»

МУСТАФА КЕМАЛ АТАТҮРК



**МАНАСТЫН 7 ОСУЯТЫ:**

- Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
- Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
- Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;
- Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу;
- Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
- Табият менен таттуу мамиледе болуу;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

# МАЗМУНУ

**1. КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ .................... 8**
МИССИЯ .................... 14
КОНЦЕПЦИЯ .................... 14
МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР .................... 15
ИШ-ЧАРАЛАРДЫН БАГЫТТАРЫ .................... 16
**2. УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ .................... 17**
ФИЗИКАЛЫК ИНФРАСТРУКТУРА .................... 17
БАШКАРУУ СТРУКТУРАСЫ .................... 19
АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮМДӨР .................... 20
ФАКУЛЬТЕТТЕР .................... 23
ИНСТИТУТТАР .................... 53
ЖОГОРКУ МЕКТЕПТЕР .................... 56
ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ОРТОЛОРУ .................... 60
АКАДЕМИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР .................... 68
АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТКЕРЛЕР .................... 68
**3. 2021-2022-ОКУУ ЖЫЛЫ .................... 69**
УНИВЕРСИТЕТТЕ ОКУМУШТУУЛАР МЕНЕН ОКУТУУЧУЛАРГА КАРАТА СТУДЕНТ САНДАРЫНЫН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ .................... 69
ОКУУ ЖҮКТӨМДӨР .................... 74
СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ .................... 79
БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САНДЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ .................... 86
АЛМАШУУ ПРОГРАММАСЫ .................... 90
**4. ИЛИМИЙ ИШ-ЧАРАЛАР .................... 90**
СЫЙЛЫКТАР .................... 90
БАСЫЛМАЛАР .................... 101
ИЛИМИЙ ДОЛБООРЛОР .................... 140
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МЕКЕМЕЛЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ .................... 143
**5. ИЛИМИЙ, КООМДУК, МАДАНИЙ, КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА СПОРТТУК ИШ-ЧАРАЛАР 150**
**6. САПАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА КЕПИЛДИК ТУТУМУ .................... 172**

САНАРИПТЕШҮҮНҮН АЛДЫГА ЖЫЛЫШЫ ........ 173
ОКУТУУЧУ ДАЯРДОО ........ 174
ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫН ДАЯРДОО ........ 175
БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА ТУРУКТУУЛУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ ........ 175
ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ЖАНА БАСЫП ЧЫГАРУУ ЭТИКАСЫ БОЮНЧА КЕҢЕШ ........ 176
ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР, КЫЗМАТТАШТЫКТАР ЖАНА ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШУУ ........ 176
**7. КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР ........ 178**

## ЖЕТЕКЧИЛИКТЕН АЛГЫ СӨЗ



**Проф., док. Алпаслан Жейлан**
**Ректор**



**э.и.к. Каламбекова Бактыгүл Рысбаевна**
**Биринчи проректор**

Кыргыз-Түрк «Манас» университети – эки боордош өлкө  Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын орток демилгелери менен түзүлгөн өзгөчө статуска ээ эл аралык университет. Орто Азиядагы эң өнүккөн кампуска ээ университет катары ириде Түрк дүйнөсү менен боордош мамлекеттерден, ошондой эле башка өлкөлөрдөн да студенттерди кабыл алып, факультет, жогорку мектеп жана институттарында орто кесиптик билим, бакалавр, ЖОЖдон кийинки билим берүү (магистратура жана докторантура) программалары боюнча академиялык ишмердүүлүгүн жүргүзүү  аркылуу коомго кызмат өтөп келет.

Университетти түзүү максатына ылайык, студенттерибизди орток маданий баалуулуктарыбыздын негизинде биримдик, ынтымак, достук, тилектештик сезимдерин өз ара айкалыштырып, түрк дүйнөсүнүн цивилизациясы тууралуу түшүнүккө ээ кылуу, өлкөлөрүбүздүн өнүгүшүнө салым кошкон, эл аралык деңгээлде иштөө жөндөмүнө, жогорку квалификациялуу сапаттуу билимге ээ жаштарды тарбиялоо эң негизги милдетибиз.

10.000ден ашуун бүтүрүүчүлөрдү уядан учурган. Окуу жай заманбап технологиялар менен жабдылган материалдык-техникалык база менен камсыздалып, учурдун талабына ылайык иштелип чыккан билим берүү программалары аркылуу коомдун ар кыл катмарына кызмат көрсөтүү, дүйнөлүк илимге өз салымын кошуу жаатында чечкиндүү түрдө кадам шилтеп келет.

Инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен данакер ордосун түзүү, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жана кызмат кылууну көздөө принциптерине таянып, Ататүрктүн көрсөткөн жолун жана Манас атанын осуяттарын туу туткан университетибиз билим

берүү жаатында эл аралык деңгээлдеги марка, университеттер ортосунда атаандаштыкта биринчи орунду ээлеген университет болуу даражасына жетүү үчүн чечкиндүү иш алып барууда.

Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп баштагандан бери, жаңычыл көз караш менен өнүгүп-өсүп, өз аймагында заманбап жана алдыңкы университет катары Болондук системага шайкеш иш алып баруу менен интернационалдашуу жаатындагы иш-чараларга өзгөчө маани берет.

Муну менен бирге биринчи кезекте коңшу өлкөлөрдөгү университеттер, дүйнөнүн ар кыл аймактарындагы университеттер жана жогорку билим берүү мекемелери менен студент жана профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрү менен алмашуу программалары, орток же кош диплом берүү, долбоорлор жаатында конкреттүү кызматташтыктар түзүлмөкчү. Бул иштерге кошумча студенттик жана профессордук-окутуучулук курамдын ар түрдүүлүгүн байытуу максаты коюлду.

Мындан сырткары көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган ийкемдүү, ар тараптуу окуу программаларын иштеп чыгуу, коомдун жана иш чөйрөсүнүн талаптарына жана керектөөсүнө жооп берүү эң негизги милдеттерибиздин бири болуп эсептелет.

Ушундан улам талбас эмгектин натыйжасында кагаз бетине түшүрүлгөн бул отчётту даярдоого өз тажрыйбасы менен өзгөчө салым кошкон бардык кесиптештерибизге ыраазычылык билдирип, 2022-2023-окуу жылындагы окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери боюнча отчёт тийиштүү түзүмдөргө, мекемелерге жана окурмандарга пайдалуу болот деп ойлойбуз.



## 1. КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлуп, Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында «Кыргыз-Түрк «Манас» университетин куруу тууралуу» келишимдин негизинде ачылган. Алгач Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей баштаган бул университет билим берүү иш-чараларын 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Университет курулгандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 27-декабрында кабыл алган токтомунун негизинде университеттин кампусу үчүн 100 гектар, билим берүү жана дыйкан чарба багытында тажрыйбалык иштерди жүргүзүүсү үчүн 500 гектар жер тилкеси бөлүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган №764 токтомунун негизинде эски аэропорттун жер тилкесинен 85 гектар 49 жылдык мөөнөткө университеттин колдонуусуна берилген. Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин Экономика жана башкаруу факультети менен Коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында Гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү, Экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү, Инженерия факультетинин компьютердик инженерия бөлүмү жана Азыркы тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте бакалавр программалары боюнча 86 студент билим алышкан жана жалпысынан 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер эмгектенген.

1998-1999-окуу жылында университеттин Экономика жана башкаруу факультетинде экономика, финансы бөлүмү, ошондой эле Инженерия факультетинде экологиялык инженерия бөлүмү ачылып, 223 студент окуган. Университетте жалпысынан 256 кызматкер, алардын ичинен 161 административдик жана 95 академиялык кызматкер менен окуу-тарбия иштери улантылган.

1999-2000-окуу жылында Коммуникация факультетинде коом менен байланыш бөлүмү, Радио, телевидение жана киноискусство бөлүмү, Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде коомдук тамактануу программасы ачылып, сабактар окутула баштаган. Муну менен катар Инженерия факультетинде курулуш адистиги бөлүмү, Азыркы тилдер жогорку мектебинде синхрондук котормо бөлүмү (кыргызча-түркчө) ачылып, 4 факультет, 1 жогорку мектеп жана 1 кесиптик жогорку мектепте бакалавр программалары боюнча 686 студент окуган. Университетте жалпысынан 326 кызматкер, алардын ичинен 181 административдик жана 145 академиялык кызматкер иштеген.

2000-2001–окуу жылында 4 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп менен катар Коомдук илимдер институту ачылып, бакалавриат программасы боюнча 1 110 студент окуп, жалпы алганда 352, алардын ичинен 194 административдик жана 158

академиялык кызматкер эмгектенген.

2001-2002-окуу жылында Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде мекеме менеджменти (туризм жана мейманкана иши) программасы, Коммуникация факультетинде журналистика бөлүмү ачылып, 4 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бакалавриат программасы боюнча 1 328 студент, магистратура жана докторантура программалары боюнча 63 студент билим алган. Университет 197 административдик жана 156 академиялык кызматкер менен иш-чараларын уланткан. Айрыкча 2001-2002-окуу жылында университет алгачкы 87 бүтүрүүчүсүнө диплом тапшырган.

2002-2003-окуу жылында Инженерия факультетинде тамак-аш инженериясы бөлүмү, Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде мекеме менеджменти (саякат иши жана гид кызматы) программасы ачылып, бакалавриат программасы боюнча 1.605 студент билим алган. Университетте жалпысынан 390 кызматкер, алардын ичинен 198 административдик жана 192 академиялык кызматкер менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралары жүргүзүлгөн. 2002-2003-окуу жылында 91 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2003-2004–окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1 835 студентке билим берилип, жалпысынан 388 кызматкер, алардын ичинен 232 административдик жана 156 академиялык кызматкер эмгектенип, 321 бүтүрүүчүгө диплом берилген.

2005-2006-окуу жылында Азыркы тилдер жогорку мектебинин синхрондук-котормо бөлүмүндө кыргызча-англисче котормо программасы ачылган. Бул окуу жылында 1 678 студент билим алып, 233 админстративдик, 195 академиялык, жалпысынан 428 кызматкер менен окуу процесси жүргүзүлүп, 281 бүтүрүүчү дипломго ээ болгон.

2006-2007-окуу жылында Инженерия жана Табигый-гуманитардык илимдер факультеттеринде негизги жана инженерия илимдери боюнча ЖОЖдон кийинки билим берүү (магистратура, докторантура) программаларын уюштуруу, ишке ашыруу жана көзөмөлдөө максатында Табигый илимдер институту ачылган. Бул окуу жылында Азыркы тилдер жогорку мектебинин синхрондук котормо бөлүмүндө түрк-орус тилдери программасы ачылган. Университеттин бакалавриат программасы боюнча 1 673 студент билим алып, жалпысынан 415 кызматкер, алардын ичинен 232 административдик жана 183 академиялык кызматкер эмгектенип, 293 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2007-2008-окуу жылында Табигый-гуманитардык илимдер факультети Табигый илимдер факультети жана Гуманитардык факультет болуп экиге бөлүнгөн. Табигый илимдер факультети математика жана биология бөлүмдөрү менен окуу-тарбия иштерин жүргүзө баштаган. Гуманитардык факультетте болсо орус тили жана адабияты, англис тили жана адабияты программалары, Экономика жана башкаруу факультетинде эл аралык мамилелер бөлүмү, Инженерия факультетинде химиялык инженерия бөлүмү, ошондой эле Кесиптик жогорку мектеби ачылган. Ошону менен катар Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектеби жабылып, анын ордуна Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби ачылган. 2007-2008-окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1.865 студент билим алып, жалпысынан 468 кызматкер, алардын ичинен 246 административдик жана 222 академиялык кызматкер эмгектенген. 248 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2008-2009-окуу жылында университетте 8 факультет, 4 жогорку мектеп, 2 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 3 295 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программасы боюнча 3 014 студент, 2 институттагы магистратура жана докторантура программасы боюнча 281 студент билим алып, бардыгы болуп 593 кызматкер, алардын ичинен 296 административдик жана 297 академиялык кызматкер эмгектенип, 272 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 2008-2009-окуу жылын кошо алганда орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны 1 967ни түзгөн.

2009-2010-окуу жылында университетте 8 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 3 295 студент, алардын ичинен кесиптик орто билим жана бакалавриат программасы боюнча 3 014 студент, 2 институттагы магистратура жана докторантура программасы боюнча 281 студент билим алып, бардыгы болуп 593 кызматкер, алардын ичинен 296 административдик жана 297 академиялык кызматкер иштеген. 2009-2010-окуу жылын кошо алганда орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны 1 967ни түзгөн. Бул окуу жылында Теология факультетин жана Борбордук Азияны изилдөө борборун ачуу боюнча чечим кабыл алынган.

2010-2011-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп жана 2 институтта бардыгы болуп 3.609 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программасы боюнча 3.318 студент, магистратура жана докторантура программалары боюнча 291 студент билим алган. Бардыгы болуп 707 кызматкер, алардын ичинен 325 административдик жана 382 академиялык кызматкер эмгектенип, 304 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2010-2011-окуу жылын кошо алганда университет орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча жалпысынан 2 271 студентти уядан учурган.

2011-2012-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 3.809 студент, 2 институттагы магистратура жана докторантура программалары боюнча 297 студент билим алып, студенттердин жалпы саны 4.106ны түзгөн. Ушул жылы 416 бүтүрүүчү дипломго ээ болгон. Ушуну менен катар 304 административдик кызматкер, 379 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер болуп бардыгы 683 кызматкер менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралары улантылган. 2011-2012-окуу жылын кошо алганда университеттин орто кесиптик билим жана бакалавриат программаларын жалпысынан 2 981 бүтүрүүчү аяктаган. 2011-2012-окуу жылында университеттин Камкорчулар кеңешинин 2010-жылдын 30-октябрындагы №4 чечиминин негизинде теология жана дин таануу бөлүмдөрүнөн турган Теология факультети ачылып, даярдоо курсуна 22 студент кабыл алынган. Ушул жылы Борбордук Азияны изилдөө борбору менен Биоартүрдүүлүктү изилдөө жана биотехнология борборунун нускамалары иштелип чыгып, аталган борборлор иш-чараларын жүргүзө баштаган.

2012-2013-окуу жылында 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 4 017 студент, 2 институттагы магистратура жана докторантура программалары боюнча 371 студент билим алып, студенттердин жалпы саны 4 388ди түзгөн. Ушуну менен катар 302 административдик, 390 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер болуп бардыгы 692 кызматкер

менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралар жүргүзүлгөн. Бул окуу жылында университет 575 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган. 2012-2013-окуу жылын кошо алганда университет 17 жыл ичинде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 3 556 студентке диплом тапшырган.

2013-2014-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте бардыгы болуп 4 281 студент, ал эми 2 институттагы магистратура жана докторантура программалары боюнча 319 студент билим алган. Бардыгы болуп 669 кызматкер, алардын ичинен 290 административдик жана 376 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, 530 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2013-2014-окуу жылын кошо алганда университет 18 жыл ичинде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 4.086 студентти уядан учурган.

2014-2015-окуу жылында университетте 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте бардыгы болуп 4 634 студент, ал эми 2 институттагы магистратура жана докторантура программалары боюнча 240 студент билим алган. Бардыгы болуп 687 кызматкер, алардын ичинен 307 административдик жана 380 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, 616 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2014-2015-окуу жылын кошо алганда университет 19 жыл ичинде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 4 702 студентти уядан учурган.

Университет 2015-2016-окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 4 872 студент, ал эми 2 институтта 255 магистрант жана докторанттар менен бирге бардыгы 5 101 студентке билим берип, жалпысынан 692 кызматкер, анын ичинен 306 административдик кызматкер, 386 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, 695 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 2015-2016-окуу жылын кошо алганда 20 жыл ичинде университет факультет жана жогорку мектептерде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5 437, институттардан 604 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2015-жылдын 2-июнундагы 12-жыйынынын №2015-12.56 чечиминин негизинде, Көркөм өнөр факультетинин тез арада өнүгүүсүнө өбөлгө түзөөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна терс таасирин тийгизбешин жана Кыргызстандагы консерватория аталышындагы билим берүү жана эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен университеттеги консерватория жогорку мектеби жабылып, консерваториядагы музыкалык жана театралдык искусство бөлүмдөрүн 2015-2016-окуу жылынан баштап Көркөм өнөр факультетине кошуп, Көркөм өнөр факультетине графика, живопись, музыкалык искусство жана театралдык искусство бөлүмдөрүн киргизүү менен кайра жаңы түзүлгөн.

Университет 2016-2017 окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5.075, ал эми 2 институттагы магистратура жана докторантура программалары боюнча 294, жалпысынан 5 369 студентке билим берип, бардыгы 689 кызматкер, анын ичинен 302 административдик кызматкер жана 387 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, 728 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 2016-2017 окуу жылын кошо алганда 21 жылдын ичинде университет факультет жана жогорку мектептерде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча

6 165, институттардан 646 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

2017-2018-окуу жылында университеттин Инженерия факультетинде электроника жана электр инженериясы менен өнөр жай инженериясы бөлүмдөрү, Кесиптик жогорку мектепте автоматташтырылган тутумдарды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо, ширетүү өндүрүшү менен жыгач иштетүүнүн технологиясы адистиктери боюнча; Табигый илимдер институтунда биотехнология, мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү боюнча магистратура, биология, химия инженериясы боюнча докторантура программалары; Коомдук илимдер институтунда финансы, педагогика (психологиялык кеңеш), дене тарбия, тарых (археология жана социалдык антропология) багыттары боюнча магистратура, теология багыты боюнча докторантура программалары ачылып, университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде жана 2 институтунда бардыгы болуп 6 065 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программасы боюнча 5 697 студент, 2 институтта 368 магистрант жана докторант билим алган. Окуу жайда бардыгы болуп 672 кызматкер, алардын ичинен 292 административдик жана 380 академиялык кызматкер менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп, 828 бүтүрүүчүнү уядан учурган. 22 жыл ичинде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 6 947, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 697 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

Университет 2018-2019 окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5 356 студентке, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 257 студентке, жалпысынан 5 613 студентке билим берип, бардыгы 696 кызматкер, анын ичинен 316 административдик кызматкер, ал эми 380 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, 726 бүтүрүүчүнү уядан учурган. 23 жылдын ичинде университет факультет жана жогорку мектептеринде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 7 614, институттардан 752, жалпысынан 8 366 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

2019-2020-окуу жылында англис тилинде химия инженериясы боюнча магистратура программасы ачылып, 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5 748, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 365, бардыгы 6 113 студентке билим берип, ошол жылы 1 051 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган. 24 жылдын ичинде университет факультет жана жогорку мектептеринде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 8 603, ал эми институттардан 814, жалпысынан 9.417 бүтүрүүчүнү уядан учурган.

2020-2021-окуу жылында 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5 688, ал эми 2 институттагы магистратура жана докторантура программалары боюнча 385, бардыгы 6 073 студентке билим берип, жалпысынан 946 кызматкер, анын ичинен 321 административдик, 81 айлык келишимдин негизинде эмгектенген кызматкер, ал эми 544 академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 989 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 87 студент магистратура жана докторантура программаларын аяктаган. Университеттин негизделишинен тарта 2018-2019-окуу жылын кошо алганда факультет жана жогорку мектептерде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 8 607,

институттардан 854 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

Университет 2021-2022 окуу жылында 11 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5 676 студентке, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 423 студентке, жалпысынан 6 099 студентке билим берип, бардыгы 650 кызматкер, анын ичинен 304 административдик кызматкер, ал эми 346 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 821 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 80 студент магистратура жана докторантура программаларын аяктаган. Бул окуу жылын кошо алганда билим берүү иш-чараларын баштагандан бери факультеттер менен жогорку мектептеринде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 10 303, институттардан 974 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

Университет 2022-2023 окуу жылында 12 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектепте орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5 621 студентке, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 423 студентке, жалпысынан 6 044 студентке билим берип, бардыгы 338 кызматкер, анын ичинен 301 административдик кызматкер менен билим берүү жана илимий иш-чараларын жүргүзүп, орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 883 бүтүрүүчүнү уядан учуруп, 80 студент магистратура жана докторантура программаларын аяктаган. Бул окуу жылын кошо алганда билим берүү иш-чараларын баштагандан бери факультеттер менен жогорку мектептеринде орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 11 189, институттардан 1 030 бүтүрүүчүнү даярдап чыгарган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети азыркы тапта окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштерин башкы имаратта (Ч. Айтматов проспекти № 56, Бишкек, 720044), Ч.Айтматов атындагы студенттик кампуста (“Жал-30” кичи району, Тыналиев/Миңжылкыев көчөсү, Бишкек, 720038) жүзөгө ашырып келүүдө.

## МИССИЯ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети түзүлгөн күндөн тарта түрк тилдүү мамлекеттердин ичинде сапаттуу билим берүүнү негизги милдети катары алып жүрөт. Заманбап технологиялар менен жабдылган материалдык-техникалык база аркылуу эң ириде түрк тектүү мамлекеттер жана түрк коомчулуктарынын жаштары менен ар кайсы чөлкөмдөн жарандардын бирге билим алышын камсыздап, орток түшүнүккө ээ, өз адистигинде эң мыкты, өзүнө ишенген, коомчулук алдында жоопкерчиликтүү жаштарды тарбиялоо. Өз маданий баалуулуктарын сактап, дүйнөлүк аренага чыгуу үчүн өзгөчө касиеттерге ээ жаштарды алдыга чыгарууга, алгач түрк цивилизациясына, аны менен катар дүйнөлүк масштабда илимге салым кошо алган, түрк цивилизациясы жана дүйнөлүк маданият боюнча жаңы ой-пикирлерге жана көз карашка ээ жаш муундарды даярдоого артыкчылык берилет. Университеттин профессордук- окутуучулук курамы жана студенттери менен биринчи кезекте түрк тилдүү мамлекеттердин арасында тил, илим, тарых, адабият, маданият, көркөм өнөр, экономика жана спорт багыттарында кызматташууну чыңдап, жогорку деңгээлге жеткирүүгө, руханий баалуулуктарды ыйык тутуп, аздектеп, дүйнөлүк баалуулуктарга ээ болууга умтулат.

## КОНЦЕПЦИЯ

Түрк дүйнөсүнүн байыркы мезгилден тарта азыркы учурга чейин бизге жеткен тажрыйбаларынан чебер пайдаланып, абройлуу, бүткүл дүйнөгө таанымал, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери боюнча бай тажрыйбага ээ профессордук-окутуучу курамдын эмгеги менен университеттер арасында эң алдыңкы катарды ээлеген, ар кыл тармакта кызматташууга даяр, коомго кызмат кылууну көздөгөн, ошол эле учурда түрк цивилизациясына жана адамзатка салым кошкон эл аралык деңгээлдеги абройлуу жана белгилүү университет болуу. Ушуну менен катар заманбап, лидер, демилгечи, жаңычыл, өзгөрүү жана өнүгүүнү колдогон, региондо эң алдыңкы катардагы университет болуу. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин XXI кылымдагы негизги максаттарынын бири – Кыргызстандын ресурстарына таянып, жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо менен Кыргызстандын экономикасына салым кошуу.



## МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

### УНИВЕРСИТЕТТИН МАКСАТТАРЫ

- Заманбап билим берүү стандарттары жана усул-ыкмалары менен заманбап университеттин башкаруу моделин колдонуп, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасы үчүн үлгү болуу жана дүйнө менен интеграциялашуу процессинде лидердик ролду ойноо;
- Заманбап, демократиялык, дүйнөбий (секулярдык), социалдык, укуктук мамлекет негиздерин колдогон, адам укуктарын сыйлаган, улуттук иденттүүлүк аң-сезимине ээ, руханий баалуулуктарды аздектеген, физикалык, акыл-эс жана адеп-ахлактык жагынан өнүккөн, эмоционалдык жактан тең салмактуу, саламаттыгы чың, коом алдында жоопкерчиликтүү, куруучу күчкө ээ, жаратман жана чыгармачыл муундарды даярдоо;
- Түркия Республикасынын жана башка өнүккөн мамлекеттердин демократия жана базар экономикасы боюнча тажрыйбаларын пайдаланып, Кыргыз Республикасында демократиялаштыруу жана базар экономикасына өтүү процесстеринин күчөтүлүшүнө көмөк көрсөтүү;
- Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге (AR-GE), басма технологиясы жана маалыматтык технологияларга инвестиция жасоо аркылуу дүйнөлүк илимий эмгектердин санынын көбөйүшүнө жана дүйнөдөгү маалыматтардын жайылышына өз салымын кошуу;
- Улуттук баалуулуктарды тутунган, дүйнөлүк көз караш жана баалуулуктарга ээ түрк дүйнөсүнүн жаштарын тарбиялап өстүрүү, эл аралык коомчулуктун алдыңкы мүчөсү кылуу;
- Келечектеги муундарды ар кыл чөйрөдө мыкты жана өзүнө ишенген, ар нерсеге шыктуу, сынчыл ой жүгүртө алган, үзгүлтүксүз өсүп-өнүгүп турган коомго шайкеш келген, жаратман, демократиялык коомдун эрежелерин сактаган, демилгелүү, тобокелчи, кызматташууга даяр, толеранттуу, эркин ой жүгүртө билген, чыгармачыл, изилдөөчү, искусствого болгон кызыгуусу күчтүү жана үйрөнүүгө умтулган инсандар катары тарбиялоо;
- Коомдук керектөөлөргө ылайык орто кесиптик билим, бакалавриат, ЖОЖдон кийинки билим берүү (магистратура жана докторантура) программалары боюнча адистерди даярдоо, кесиптик жана инсандык жеке өнүгүү жаатында кыска мөөнөттүү окутуу программаларын иштеп чыгуу жана/же ишке ашыруу.

### УНИВЕРСИТЕТТИН НЕГИЗГИ СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАРЫ

- **Билим берүүдө маркага ээ университет болуу;**
- **Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо;**
- **Электрондук башкаруу маалыматтык тутумун натыйжалуу колдонуу;**
- **Болонья процессине шайкеш келүү;**
- **Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү байланыш жана жемиштүү кызматташтык түзүү;**
- **Коомчулукка кызмат көрсөтүү;**
- **Билим берүүдө ийкемдүү болуу;**
- **Соңку технологиялар менен жабдылган материалдык-техникалык база;**
- **Технологияга таянган билим берүү;**
- **Э-университет;**
- **Үзгүлтүксүз билим берүү;**
- **Өзгөрүүлөргө шайкештик жана тынымсыз өнүгүү;**
- **Практикалык илим жана технологияга багытталган илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер;**

- **Система, программа жана мекеменин негизинде аккредитация;**
- **Академиялык сапатта вертикалдуу өнүгүү;**
- **Илим жана билимдин данакер ордосун куруу;**
- **Эффективдүү жана иш жүзүнө ашырыла турган алмашуу программалары;**
- **Жашоого ыңгайлуу кампустук университет болуу;**
- **Материалдык-техникалык базаны чыңдоо;**
- **Долбоорлор аркылуу өнүктүрүү иш-чаралары;**
- **Университетти таасирдүү таанытуу.**

## ИШ-ЧАРАЛАРДЫН БАГЫТТАРЫ

- Университеттин билим берүү потенциалын рационалдуу түрдө пайдаланып, андан ары өнүктүрүү, окуу-тарбия, илимий изилдөө жана аларды жарыялоо иштерин үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу, көзөмөлдөө, текшерүү;
- Заманбап цивилизация жана билим берүү принциптерине таянган системанын негизинде коом жана иш чөйрөсүнүн талаптары жана өнүгүү керектөөлөрү менен дүйнөлүк илимий көз карашка ылайык динамикалык процессте орто кесиптик билим, бакалавриат, ЖОЖдон кийинки билим берүү (магистратура жана докторантура) программалары боюнча жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо, кесиптик жана инсандык жеке өнүгүү жаатында кыска мөөнөттүү окуу программаларын иштеп чыгуу же/жана ишке ашыруу, ар кыл деңгээлде билим берүү, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана аларды жарыялоо, кеңеш берүү кызматын көрсөтүү;
- Өзүнүн адистик дараметин жана материалдык булактарын натыйжалуу, үнөмдүү жана рационалдуу түрдө колдонуп, улуттук билим берүү саясаты, өнүгүү пландары жана жогорку билим берүү мекемелери же комитеттери тарабынан иштелип чыккан план жана программалар боюнча мамлекеттерге керектүү тармактар үчүн зарыл санда адистерди даярдоо;
- Биринчи кезекте Кыргызстан жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн илимий, экономикалык, социо-маданий жактан өнүгүүсүнө жана илгерилөөсүнө байланыштуу маселелерди чечүү, башка тийиштүү мекемелер менен кызматташтык чегинде билим берүү жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын коомдун пайдасына жумшоо, мамлекеттик жана жеке менчик мекеме, уюмдар, өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан талап кылына турган анализ жана илимий изилдөөлөрдү жыйынтыктап, ой-пикирлерди билдирип, сунуштарды берүү;
- Алгач Кыргызстан жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн өнүгүү зарылчылыктарына жараша керектүү тажрыйбалуу адистерди даярдоодо алдыңкы орунду ээлөө, товар өндүрүү менен кызмат көрсөтүүдө сапатты жогорулата турган долбоорлорду иштеп чыгуу, программаларды даярдоо жана ишке ашыруу, тийиштүү мекеме жана уюмдар менен кызматташтыкты түзүү, экологиялык көйгөйлөрдү чечүүчү сунуштарды берүү;
- Университеттин технологиялык базасын өркүндөтүү жана технологияларга таянган окуу системасын өнүктүрүү;
- Билим берүү программаларынын ийкемдүү, интерактивдүү жана динамикалык өңүттө өнүгүүсүн камсыздоо;
- Илимий изилдөө иштери, аларды өнүктүрүү жана жарыялоо, коомдун пайдасына жумшоо саясатын иштеп чыгуу;
- Ириде профессордук-окутуучулук курамдан баштап, адам ресурстарын өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу;
- Материалдык-техникалык база жана технологиялык инфраструктуранын актуалдуулугу жана заманбаптыгы боюнча өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу.

## 2. УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### ФИЗИКАЛЫК ИНФРАТҮЗҮМ

| Имараттар | | |
|---|---|---|
| **Имараттардын аталышы** | **Жалпы ($m^2$)** | **Иштетиле баштаган жылы** |
| Борбордук имарат | 8 346,00 | 1998 |
| Студенттик жатакананын В кириши | 4 355,20 | 2000 |
| Кесиптик жогорку мектептин имараты | 4 653,30 | 2000 |
| 25 батирлүү кызматкерлерге убактылуу берүүчү турак-жай | 2 245,80 | 2000 |
| Экономика жана башкаруу факультетинин имараты | 12 269,20 | 2004 |
| Коммуникация факультети | 10 868,30 | 2004 |
| Студенттик жатакананын С кириши | 1 430,30 | 2010 |
| 61 батирлүү кызматкерлерге убактылуу берүүчү турак-жай | 7 810,20 | 2010 |
| Эки кабаттуу өз алдынча жайгашкан 5 имарат | 1 595,60 | 2012 |
| Турмуш-тиричиликти тейлөө комплекси | 4 655,20 | 2012 |
| Технопарк борбору | 3 384,40 | 2012 |
| Студенттик кеңеш (заводдо жасалган курама конструкциялардан курулган) | 220 | 2012 |
| Студенттик жатакананын А кириши | 11 669,50 | 2013 |
| Ректорат | 2 937,30 | 2015 |
| Инженерия жана Табигый илимдер факультеттери | 8.666,70 | 2015 |
| Жабык спорт залы | 3 489,70 | 2015 |
| Теология факультетинин окуу-практикалык мечити | 4 064,70 | 2015 |
| Теология факультети | 3.513,20 | 2017 |
| Илим изилдөө жана окуу-практикалык комплекси | 21 144,20 | 2017 |
| Окуу жана маектешүү жайы | 384,46 | 2018 |
| Башкармалыктардын кеңселери (заводдо жасалган курама конструкциялардан курулган) | 428,4 | 2018 |
| **Жалпы:** | **118 131,66** | |

| Окуу-тарбиялык аянттар | | | |
|---|---|---|---|
| **Кызмат көрсөткөн тармагы** | **Борбордук имарат (m²)** | **Ч. Айтматов атындагы студенттик кампус (m²)** | **Жалпы (m²)** |
| Гуманитардык факультет | 0 | 3953,9 | 3953,9 |
| Табигый илимдер факультети | 0 | 1510,1 | 1510,1 |
| Көркөм өнөр факультети | 0 | 2910,84 | 2910,84 |
| Ветеринария факультети | 0 | 6111,78 | 6111,78 |
| Табигый илимдер институту | 0 | 188,1 | 188,1 |
| Айыл чарба факультети | 0 | 3579,48 | 3579,48 |
| Коомдук илимдер институту | 0 | 193,4 | 193,4 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2939,9 | 56 | 2995,9 |
| Кесиптик жогорку мектеп | 0 | 3463,69 | 3463,69 |
| Туризм факультети | 0 | 1391,8 | 1391,8 |
| Коммуникация факультети | 0 | 3442,8 | 3442,8 |
| Инженерия факультети | 0 | 3365,08 | 3365,08 |
| Теология факультети | 0 | 1896,5 | 1896,5 |
| Спорт илимдери факультети | 0 | 4592,48 | 4592,48 |
| **ЖАЛПЫ** | **2939,9** | **36655,95** | **39595,85** |

| Ар бир студентке туура келген m² | | | |
|---|---|---|---|
| | **Аянт (m²)** | **Студенттердин саны** | **Ар бир студентке туура келген m²** |
| Ачык аянт | 850.180 | 6.137 | 138,53 |
| Жалпы жабык аянт | 118.131,66 | | 19,25 |
| Окуу-тарбиялык аянт | 11.853,45 | | 1,93 |
| Коомдук аянт | 8.066,20 | | 1,31 |

Орто кесиптик билим, бакалавриат, ЖОЖдон кийинки (магистратура жана докторантура) билим берүү программаларында окуган студенттердин саны 2022-жылдын январь айы боюнча эсептелди.

| Коомдук жайлар | | | |
|---|---|---|---|
| | **Саны (даана)** | **Сыйымдуулугу** | **m²** |
| Кантин-кафетерия | 7 | 741,5 | 500 |
| Конференция залы | 6 | 1952,6 | 449 |
| Окуу залы | 15 | 776,3 | 406 |
| Сабак даярдоо залы | 4 | 1.681,50 | 960 |
| **Жалпы** | **32** | **5151,9** | **2315** |

| Академиялык кызматкерлердин ээлеген аянты | | | |
|---|---|---|---|
| | **Саны (даана)** | **Колдонулган аянты m²** | **Колдонуучулардын саны** |
| Кеңселер | 283 | 5.739,07 | 398 |

## БАШКАРУУ СТРУКТУРАСЫ



## АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮМДӨР

| |
|---|
| **Гуманитардык факультет** |
| Батыш тилдери бөлүмү |
| Филология (англис тили жана адабияты) |
| Чыгыш тилдери бөлүмү |
| Филология (кытай тили жана адабияты) |
| Филология (орус тили жана адабияты) |
| Педагогика бөлүмү |
| Психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк |
| Философия бөлүмү |
| Синхрондук котормо бөлүмү |
| Лингвистика-синхрондук котормо (кыргыз жана англис тилдери) |
| Лингвистика-синхрондук котормо (түрк жана орус тилдери) |
| Лингвистика-синхрондук котормо (кыргыз жана түрк тилдери) |
| Социология бөлүмү |
| Тарых бөлүмү |
| Филология (түркология) бөлүмү |
| **Табигый илимдер факультети** |
| Биология бөлүмү |
| Математика бөлүмү |
| Колдонмо математика жана информатика бөлүмү |
| **Көркөм өнөр факультети** |
| Графика бөлүмү |
| Көркөм сүрөт искусствосу бөлүмү |
| Музыкалык искусство бөлүмү |
| Театралдык искусство бөлүмү |
| **Экономика жана башкаруу факультети** |
| Экономика бөлүмү |
| Менеджмент бөлүмү |
| Эл аралык мамилелер бөлүмү |
| Финансы жана кредит бөлүмү |
| **Теология факультети** |
| Дин таануу бөлүмү |
| Теология бөлүмү |
| **Коммуникация факультети** |
| Журналистика бөлүмү |
| Реклама жана коом менен байланыштар бөлүмү |
| Телевидение бөлүмү |
| **Инжерения факультети** |
| Программалык инженерия бөлүмү |
| Жаратылышты колдонуу жана экология бөлүмү |

| |
|---|
| Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы бөлүмү |
| Химиялык технология бөлүмү |
| Электроника жана электр инженериясы бөлүмү |
| Өнөр жай инженериясы бөлүмү |
| **Ветеринария факультети** |
| Ветеринария бөлүмү |
| **Айыл чарба факультети** |
| Агрономия (мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү) бөлүмү |
| Агрономия (өсүмдүктөрдү коргоо) бөлүмү |
| **Спорт илимдери факультети** |
| Дене тарбия (машыктыруучуларды даярдоо) бөлүмү |
| Дене тарбия (дене тарбия жана спорт мугалими) бөлүмү |
| **Туризм факультети** |
| Мейманкана иши бөлүмү |
| Саякат иши жана гид кызматы бөлүмү |
| Ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмү |
| **Медициналык Факультети** |
| Медициналык Факультети |
| **Чет тилдер жогорку мектеби** |
| Тил үйрөтүү даярдоо бөлүмү |
| **Кесиптик жогорку мектеп** |
| Менеджмент |
| Мектепке чейинки билим берүү |
| Курулуштарды жана имараттарды куруу жана эксплуатациялоо |
| Экономика жана бухгалтердик эсеп |
| Автоунааларды техникалык тейлөө жана оңдоо |
| Маркетинг |
| Туризм |
| Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо |
| Ширетүү өндүрүшү |
| Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо |

| Магистр программалары |
|---|
| **Табигый илимдер институту** |
| Программалык инженерия |
| Жаратылышты колдонуу жана экология |
| Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы |
| Химиялык технология |
| Математика |
| Биология |
| Биотехнология |
| Өсүмдүктөрдү коргоо |
| Мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү |
| **Коомдук илимдер институту** |
| Педагогика |
| Психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк |
| Экономика |
| Коммуникация |
| Менеджмент |
| Тарых |
| Археология жана социялдык антропология |
| Түркология |
| Эл аралык мамилелер |
| Синхрондук котормо |
| Философия |
| Теология |
| Мейманкана иши |
| Социология |
| Англис тили жана адабияты |
| Дене тарбия жана спорт |

| Докторантура программалары |
|---|
| **Табигый илимдер институту** |
| Программалык инженерия |
| Биология |
| Жаратылышты колдонуу жана экология |
| Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы |
| Химиялык технология |
| Математика |
| **Коомдук илимдер институту** |
| Педагогика |
| Экономика |
| Коммуникация |
| Теология |
| Менеджмент |
| Социология |
| Тарых |
| Түркология |



## ФАКУЛЬТЕТТЕР



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

**МИССИЯ**

Түркия Республикасы, Кыргыз Республикасы жана башка түрк тилдүү мамлекеттер менен түрк коомчулуктарынын университетке тапшырчу курактагы жаштарынын башын бириктирип, жалпы адамзатка таандык орток маданий-цивилизациялык жана тарыхый баалуулуктарды таанытып, заманбап билим берүү талаптарына ылайык билим берип, XXI кылымдын цивилизациялык жана маалыматтык доорун жетектей турган интеллектуалдарды жана адистерди даярдоо.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Түрк цивилизациясынын биримдигин түзүп, ренессансын жаратуу.

Максат жана милдеттер

Максаттарды кыска жана узак мөөнөттүү  деп экиге бөлүп карайбыз:

Кыска мөөнөттөгү максаттар:

- Факультеттин профессордук-окутуучулук курамынын илимий публикацияларын сандык жана сапаттык жактан арттыруу;
- Эл аралык деңгээлде жүргүзүлгөн долбоорлор жана өткөрүлгөн конгресстер аркылуу дүйнөлүк жогорку билим берүү мейкиндигинде эң ири университет болуусуна салым кошуу;
- Студенттердин ар түрдүү социо-маданий жана спорттук иш чараларга катышуусун камсыздап, шыктандыруу, мотивациясын арттыруу;
- Кыргыз Республикасынан жана Түркия Республикасынан сырткары өлкөлөрдөн келген студенттердин санын арттыруу;
- Алмашуу программаларын сандык жана сапаттык жактан өнүктүрүп, эффективдүү түрдө жүзөгө ашыруу;
- Он лайн жана аралыктан окутуу боюнча билим берүү иш-чараларынын жүргүзүлүшүн чыңдап, ар түрдүү жолдорун иштеп чыгуу.

Узак мөөнөттүү максаттар:

Факультеттин ар кыл бөлүмдөрүндө студенттерге өтүлүп жаткан сабактын материалдарынын сапатын арттырып, үнөмдөө үчүн аталган материалдардын окутуучулар тарабынан иштелип чыгышы үчүн зарыл болгон иш-чараларды жүргүзүү;

Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу максатында курстарды уюштуруу, билим берүүнүн сапатын жана эффективдүүлүгүн арттыруу, эл аралык деңгээлде таанылган университет болуу жаатында олуттуу салым кошууга арналган иш-чараларды улантуу.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

Батыш тилдери бөлүмү

- Филология (англис тили жана адабияты) багыты

Ааламдашуу процессинин натыйжасында бир бүтүн дүйнө абалына келип жаткан учурда, эл аралык байланыштын эң негизги компоненттеринин бири болгон англис тилинин ролу өсүүдө. Ушундан улам филология (англис тили жана адабияты) багытынын максаты: салттык жана заманбап англис маданиятын, ошондой эле дүйнө элдеринин эң мыкты баалуулуктарын аналитикалык жактан талдоо аркылуу өздөштүрүү; жалпы адамзаттын илимий, маданий жана саясий өнүгүүсүнө салым кошо турган билим берип, алган билимин таасирдүү колдоно алган жогорку квалификациядагы англис тилчилерин жана адабиятчыларын даярдоо болуп эсептелет. Аталган программада Улуу Британия жана Америка Кошмо Штаттарынын маданияты, адабияты жана англис тилинин теориялары окутулат.

Чыгыш тилдери бөлүмү

- Филология (кытай тили жана адабияты) багыты

Түрк дүйнөсү менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда күн сайын өсүп, өнүгүп келе жаткан экономикалык, маданий, саясий ж.б. тармактардагы байланыштар кытай тилин, маданиятын жана адабиятын эң жогорку деңгээлде билген, өз кесибинде мыкты адистерди талап кылууда. Ошол себептен кытай тилинин грамматикасын мыкты өздөштүргөн, эркин жазып, ар кыл темада сүйлөй билген жогорку квалификациялуу филолог адистерди даярдап чыгаруу максаты көздөлөт. Бул багытта бакалавриат даражасына ээ болгон бүтүрүүчүлөр гуманитардык илимдер жаатында магистратура программаларына тапшыра алышат. Кытай тили жана адабияты боюнча байыркы доордон азыркы учурга чейинки эмгектерди өздөштүргөн, тил менен адабияттын байланышынын азыркы турмуштагы ордун түшүнгөн, тил жана адабият аркылуу коомдук илимдер тармагында илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн адистерди даярдоо эң негизги максат болуп саналат.

- Филология (орус тили жана адабияты) багыты

Филология (орус тили жана адабияты) багыты 2008-2009-окуу жылында негизделип, ушул эле окуу жылында алгачкы студенттерин кабыл алган. Бул багыт боюнча эл аралык стандарттарга ылайык орус филологиясы окутулат. Түрк тилдүү мамлекеттер менен Россия Федерациясынын ортосунда күн сайын өсүп, өнүгүп келе жаткан экономикалык, маданий, саясий ж.б. тармактардагы байланыштар орус тилин, маданиятын жана адабиятын эң жогорку деңгээлде билген, өз кесибинде мыкты адистерди талап кылууда. Ушуга байланыштуу орус тилинин грамматикасын мыкты өздөштүргөн, эркин жазып, ар кыл темада сүйлөй билген жогорку квалификациялуу филолог адистерди даярдап чыгаруу максаты көздөлөт. Аталган багыт боюнча билим алган студенттер илимий ой жүгүртүү жана анализдөө жөндөмдөрүнө ээ болуп, орус тилинин теориялык, практикалык аспектилерин, элдик оозеки чыгармачылыгын, орус адабиятын, оозеки жана жазуу стилин өздөштүрөт. Муну менен катар орус адабияты, маданияты жана тарыхы боюнча сабактар

берилип, студенттер бир гана тилди өздөштүрүү менен чектелбестен, орус адабияты, маданияты жана тарыхы боюнча терең билим алып, мындан ары илимий изилдөө иштерин жүргүзүү боюнча кызыгуусун жаратууга максат коюлган. Орус тилин жана маданиятын үйрөтүү аркылуу Кыргызстан, Түркия жана Россия мамлекеттеринин ортосундагы эл аралык жана маданий байланыштардын өнүгүүсүнө салым кошууну көздөйт.

Педагогика бөлүмү

Билим берүү тармагында эл аралык деңгээлде таанылган баалуулуктарды камтыган заманбап билим берүү теорияларын жана түрк тектүү коомчулуктардын билим берүү маданиятын синтездөө, таалим-тарбиянын эң негизги маселелерин изилдөө, тактоо, коомго таанытуу жана жыйынтыктоо; орто жана жогорку окуу жайларында мугалимдик, психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк кесибинин талаптарына жогорку деңгээлде жооп бере турган компетенттүү адистерди даярдоо. Студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн, муктаждыктарын жана жетишкендиктерин өлчөө-баалоо жана аныктоо; билим берүүнүн кызыкдар тараптары болгон мугалимдерге, ата-энелерге, мектеп жетекчилерине жана коомго билим берүү, окутуу жана өнүктүрүү маселелери боюнча жетекчилик жана психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк көрсөтүү жөндөмүнө ээ адистерди даярдоо.

Түркия жана башка өнүккөн өлкөлөрдөгү психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк көрсөтүү багытында кадрларды даярдоо тажрыйбаларын өздөштүрүү жана пайдалануу; КТМУнун билим берүү жаатындагы нускамаларына жана окуу планына ылайык психологиялык кеңеш берүү, инсанды таануу, багыт көрсөтүү, маалымат чогултуу, жайгаштыруу, мониторинг жүргүзүү, жолдомо берүү, программаны иштеп чыгуу, үй-бүлөлүк мамилелер, кеңеш берүү, изилдөө-баалоо боюнча билим жана көндүмдөргө ээ кылуу.

Философия бөлүмү

Философия бөлүмүнүн негизги максаты – эл аралык билим берүү стандартына ылайык, окуу программасынын негизинде дүйнөлүк философиянын тажрыйбасына таянган, түрк тектүү элдердин философиялык мурасын мыкты билген, коомдун заманбап маселелерин тереңден изилдей алган жаңы муунду даярдоо. Студенттердин заманбап философиянын эң алдыңкы үлгүлөрү боюнча билим алуусуна, теориялык билимин практикада колдоно билүүсүнө, философияны кыргызча жана түркчө эң мыкты деңгээлде түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Лингвистика-синхрондук котормо бөлүмү

Лингвистика-синхрондук котормо бөлүмүн бүтүргөн котормочуларды тил, адабият, тарых, көркөм өнөр, фольклор жана башка илимий тармактарда жана жеке сектордо ишке кабыл алуу муктаждыгы күн сайын өсүүдө. Мамлекеттер аралык саясий, экономикалык, маданий байланыштар күндөн-күнгө өнүгүп келе жаткан мезгилде түркчө-кыргызча, кыргызча-англисче, түркчө-орусча өз ара жазуу түрүндө жана ооз эки форматта котормо жасай алган, билимдүү, маданияттуу жана кесиптик жактан компетенттүү синхрондук котормочуларга болгон муктаждыкты камсыз кылуу эң негизги максаттардын бири болуп саналат.

Социология бөлүмү

Социология бөлүмүнүн максаты: социология багытында негизги түшүнүктөрдү жана теорияларды, коомдук илимдер боюнча илимий изилдөө методдорун мыкты өздөштүргөн; коомдук процесстерди, институттарды, коомдордун өз ара аракеттенүүсүн жана айырмачылыктарын терең түшүнгөн; жергиликтүү, улуттук жана ааламдык масштабда коомдук турмуштун ар кандай

өлчөмдөрүн талдай алган; коомдогу көйгөйлөрдү себептери жана кесепеттери менен бирге баалай алган; этикалык баалуулуктарды сыйлаган; коомдук жоопкерчилик аң-сезимине жана көйгөйлөрдү чечүү жолдорун иштеп чыгуу жөндөмүнө ээ; үзгүлтүксүз билим алууга ишенген; электрондук башкаруу маалыматтык тутумун жана тилдин өзгөчөлүктөрүн алдыңкы деңгээлде колдоно алган; маселелерди сынчыл көз караш менен карай билген; ар кыл маселелерди чечүү жолдорун билген, жаратман, жаңычыл ой жүгүрткөн социологдорду даярдоо.

Социология багытында адистерди даярдоонун максаты – ириде мамлекеттик университеттер менен чет өлкөлүк университеттердин, илимий изилдөө борборлорунун жана КТМУнун өнүгүү жаатындагы өзгөчөлүктөрүн, тажрыйбасын эске алуу менен заманбап дүйнөнүн муктаждыктарына жооп бере ала турган социолог адистерди даярдоо. Ушундан улам социология бөлүмүнө караштуу социологиянын теориясы, билим берүүнүн усулдук көйгөйлөрү менен негизги коомдук көйгөйлөрдү айкалыштырган билим берүү жана илимий изилдөө борборун ачууну көздөйт.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети учурдун талаптарына ылайык социологдорду даярдоо үчүн тажрыйбалуу профессордук-окутуучулук курамы, окуу китептерин жана социологиялык журналдарды байма-бай камтыган университеттин китепканасы бар. Заманбап ыкмаларды колдонуу менен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, бир топ компьютердик программалар менен бирге SSPS программасын да колдонот.

Тарых бөлүмү

Салыштыруу ыкма аркылуу соңку технологиялар менен жабдылган материалдык-техникалык базадан пайдаланып, адамзат тарыхынын, айрыкча түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы тарыхын дүйнөлүк тарыхтын алкагында карап, илимий негиздерге ылайык изилдеп, жаңы изилдөө усулдарын иштеп чыгуу; айрыкча бакалавриат даражасында тарыхый жаатта илиздөө иштерин аткара алган, архивдерде, китепканаларда жана башка ушул сыяктуу тарых жана тарыхый маалыматтар менен иш жүргүзгөн ар кандай мекемелерде иштей ала турган кадрларды даярдап, тарых сабагы боюнча мугалим болууну максат кылган студенттерди талап кылынган компетенцияларга ээ кылууну көздөйт.

Түркология бөлүмү

Түркология бөлүмүнүн максаты: түркология багытында билимге, көндүмгө жана кесиптик компетенттүүлүккө ээ, тарыхый жана азыркы тилди мыкты колдонуп, адабий тексттерди түзө билип, чечмелеп талдай алган, маңыздуу которуу, илимий изилдөөлөрдү жана долбоор жүргүзүү жөндөмү бар, оозеки түрүндө жана жазуу жүзүндө байланыш түзө алган, коммуникациялык технологияларды колдоно билген, адамзатка жана коомго жоопкерчиликтүү мамиле кылган, инновацияларга ачык, көйгөйлөрдү чече алган, адам укуктарын урматтаган, этикалык баалуулуктарды аздектеген, түркологияны үйрөтүү жаатында компетенцияга жана маданиятка ээ түркологдорду даярдоо. Аталган бөлүм Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Кыргызстан, Түркия, түрк тектүү мамлекеттер менен түрк тилдүү коомчулуктардын жаштарынын бирге билим алышын камсыздоо максаты менен биргеликте түрк дүйнөсүнүн цивилизациясынын интеллектуалдык мүлкүн байыткан илимпоз окутуучулук курамды даярдоо.

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

МИССИЯ

- Иш чөйрөсүнүн жана илимий изилдөө мекемелеринин талаптарына ылайык жана эл аралык деңгээлде физика, химия, биология жана математика сабактарын жогорку деңгээлде билген, өз адистигинде мыкты кадрларды даярдоо;
- Математикалык ыкмаларды жана программалык инженерия, экономика, менеджмент жана башка багыттарда күчтүү кадрларды даярдоо;
- Биология багытында кесиптик билим жана көндүмдөрдү алып, экология, жалпы биология, генетика, молекулярдык биология, биохимия жана башка тармактарда анализдөө, синтездөө жана долбоор жүргүзүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ мыкты адистерди даярдоо максаты көздөлөт.

КОНЦЕПЦИЯ

- Университеттин стратегиялык планында, сапат боюнча китепчеде жана башка ченемдик укуктук документтерде аныкталган негизги максаттарга салым кошуу;
- Илим жана индустрия багытында изилдөө жана өнүктүрүү иш-чараларын жүргүзүү;
- Илим жана технологияга салым кошуу жаатында жогорку жетишкендиктерди көрсөтүү.

Максат жана милдеттер

- Факультеттин мүмкүнчүлүктөрүн рационалдуу колдонуу, билим берүү ишмердүүлүгүн, илимий изилдөө жана басылма иштерин ырааттуу жүргүзүү, аларды жалпы көзөмөлгө алуу;
- Университетибиздин материалдык каражаттарын үнөмдүү жана рационалдуу колдонуу, улуттук билим берүү программаларына, өлкөнү өнүктүрүү пландарына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген план жана программаларга ылайык өлкө ичиндеги муктаждыкка жараша талап кылынган багыттарда кадрларды даярдап чыгаруу;
- Өлкөнүн илимий, экономикалык, социо-маданий багыттан өнүгүшүн, өнүгүү жолунда дуушар болушу мүмкүн болгон көйгөйлөрдү башка мекемелер менен түзүлгөн кызматташтыктар

аркылуу мамлекеттик мекемелерге сунуштоо жолу менен аталган жаатта билим берүү жана илимий изилдөө иш-чараларын жүргүзүү, жыйынтыктарды коом менен бөлүшүү, мамлекеттик мекемелер тарабынан талап кылынган изилдөө иштерин жүргүзүү жана анын жыйынтыктарынын негизинде пикир жана сунуштарын билдирүү.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

- Математика, колдонмо математика жана информатика, биология багыттарында бакалавр даражасында билим берүү.
- Университеттин бардык факультеттерине математика, физика жана жалпы биология боюнча факультативдик сабактарды өтүү.
- Математика, информатика, биология жана башка табигый илимдер багыттары боюнча долбоорлорду жүргүзүү.
- Табигый илимдер багытында улуттук жана эл аралык деңгээлде илимий иш-чараларды уюштуруу.
- Кыргызстан жана Түркия Республикасынын ар кыл билим берүү жана илимий изилдөө мекемелери менен кызматташуу жана эки өлкөгө бирдей кызмат көрсөтүү.

**БӨЛҮМДӨР**

Колдонмо математика жана информатика бөлүмү

2022-2023-окуу жылында жалпысынан 26 бүтүрүүчүнү уядан учурду. Учурда 84 студент билим алууда. Толук айлык акы менен 3 профессор, 1 доцент, 1 доценттин милдетин аткаруучу, докторантурасын жактаган 1 адис, 1 кенже илимий кызматкер, жарым ставкада 2 окутуучу жана сабак сааты боюнча акы төлөөнүүчү  1 окутуучу эмгектенент. Жетиштүү лабораторияларга жана жабдууларга ээ Колдонмо математика жана информатика бөлүмү илимий изилдөө долбоорун активдүү жүргүзүп келет. Бөлүмдү проф., док. Асан Өмүралиев жетектейт.

Математика бөлүмү

Алгачкы студенттерин 2012-жылы кабыл алуу менен билим берүү ишмердүүлүгүн баштаган. Бул бөлүмдү 2022-2023-окуу жылында жалпысынан 8 бүтүрүүчү аяктаган. Бул окуу жылынын аягына карата жалпысынан 66 студент билим алып жатат. Бөлүмдө толук айлык акы менен 3 профессор, 3 доцент, 1 адис жана 1 кенже илимий кызматкери менен катар жарым ставкада 8 окутуучу ал эми сабак сааты боюнча акы төлөөнүүчү 3 окутуучу эмгектенент. Математика бөлүмү университеттин бардык факультеттерине математика жана физика боюнча факультативдик сабактарды өтөт. Бөлүмдү проф., док. Анаркүл Урдалетова жетектейт.

Биология бөлүмү

2022-2023-окуу жылында жалпысынан 13 студент бүтүргөн. 2021-2022-окуу жылынын аягына карата жалпысынан 115 студент билим алып жатат. Бөлүмдө толук айлык акы менен 3 профессор, 3 доцент, 1 доценттин милдетин аткаруучу, докторантурасын жактаган 1 адис, 1 кенже илимий кызматкери менен катар жарым ставкада 3 окутуучу жана сабак сааты боюнча акы төлөөнүүчү  1 окутуучу эмгектенет. Биология бөлүмү айрыкча Айыл чарба жана Ветеринария факультеттеринин студенттерине бир  канча предмет боюнча билим берип келет. Жетиштүү деңгээлде лаборатория жана материалдык-техникалык базага ээ болгон биология бөлүмү илимий изилдөө долбоорлоруна активдүү катышуу жаатында даярдык көрүп жатат. Бөлүмдү доц., док. Кадырбай Чекиров жетектейт.

## КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Көркөм өнөр факультети Кыргызстанда, Түркияда жана ошондой эле дүйнөлүк деңгээлде ийгиликке жете алган өнөр адамдарын даярдап чыгарууну максат кылат. Факультетте көркөм сүрөт искусствосу, графика, керамика, айкел, фотосүрөт, пейзаж жана чөйрө дизайны аталышында алты бөлүм ачуу пландаштырылган. Факультет 2009-2010-окуу жылында көркөм сүрөт искусствосу жана графика бөлүмдөрүнүн даярдоо курсуна өзгөчө жөндөмдүүлүк сынагы аркылуу студенттерди кабыл алып, билим берүү ишмердүүлүгүн баштаган. Университеттин консерваториясы Көркөм өнөр факультетине кошулуп, көркөм сүрөт искусствосу, графика, музыкалык искусство, театралдык искусство багыттары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн улантып келет.

Кыргызстандан, Түркиядан жана башка тектеш түрк элдеринен келген студенттерге факультеттин даярдоо курсунда кыргыз жана түрк тилдери үйрөтүлөт. Факультет 8 семестрдик окуу программасын камтыган бакалавр даражасында билим берет. Бул окуу программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен бекитилип, лицензия алынган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Көркөм өнөр факультети Кыргызстанда, Түркияда, дүйнөлүк деңгээлде ийгиликке жетүүнү көздөгөн өнөр адамдарын даярдап чыгарууну максат кылат. Билим берүүдө колдонулуп жаткан окуу программасында орун алган сабактар Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын Көркөм өнөр факультеттериндеги окуу программаларына шайкеш келет. Ошол эле учурда Болонья процессине дал келген окуу программаларынын негизинде студенттерге Түркиядагы жана Европадагы жогорку окуу жайларга которулуу мүмкүнчүлүгүн берет. Өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташууда каралган мүмкүнчүлүктөрдөн студенттердин пайдалануусу максат кылынат.

Факультеттин административдик башкаруусу декандан, декандын бир орун басарынан, социалдык-чарбалык иштер боюнча декандын жардамчысынан жана декандын катчысынан турат. Учурдагы академиялык түзүмдө көркөм сүрөт искусствосу, графика, музыкалык искусство, театралдык искусство бөлүмдөрү бар. Факультеттин профессордук-окутуучулук курамы келишим боюнча Түркия университеттеринен убактылуу жана Кыргызстандан эмгек келишиминин

негизинде дайындалат.

МИССИЯ

Тарыхый жана маданий бай мураска ээ түрк дүйнөсүнүн жогорку окуу жайлары көркөм өнөр багытында билим берүүсүн бай мурастарына таянып жүргүзүшү керек. Ушул себептерден улам факультет коомдун көркөм өнөр жаатында талабына ылайык билим берген, маданий элементтерди камтыган чыгармачылыкты баса белгилеген, мамлекеттик жана дүйнөлүк маданиятка салым кошкон, улуттук жана эл аралык аренада чыгармаларын көрсөтө алган, жетишкендиктерин таланттары менен айкалыштырып, адамзат жашоосунда көркөм өнөр түшүнүгүн сездире алган көркөм өнөр жана дизайнды жашоого аралаштырып, багыт берген окутуучуларды жана заманбап өнөр адамдарын даярдоо багытында иш алып барат.

КОНЦЕПЦИЯ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин концепциясына ылайык, түрк дүйнөсүнүн салттуу билим берүүсү менен социалдык жоопкерчиликтүү, түрк тектүү мамлекеттер менен түрк коомчулуктарынын жаштарынын башын бириктирип, орток түшүнүк жана кызматташтыкты өнүктүрүү, маданият жана көркөм өнөр жаатында дүйнө менен интеграцияланган жана келечекке ишенген өнөр адамдарын даярдоо менен түрк цивилизациясынын ренессансына салым кошкон университет болуу. Батышта пайда болгон жаңы түшүнүктөрдү Орто Азиянын бай маданияты менен аралаштырып, адамзатка кызмат өтөө.

Максат жана милдеттер

Көркөм билим берүүнүн негизги максаты: студенттин - көркөм өнөр талапкеринин окуу процессинде чыгармачылык талантын ачуу, билим жана тажрыйбасын арттыруу, изилдөө, жаңы жаратмандык күч, практикалык иштерин колдоо, ар кандай маданий жана көркөм өнөр жаатындагы иш-чараларга болгон кызыгуусуна илимий ыкмалар аркылуу колдоо көрсөтүү. Билим берүү процессинде студенттердин заманбап чыгармачыл жана илимий илиздөө ыкмаларынын негизинде ээ болгон бул жөндөмдөрүн коомго керектүү болгон чөйрөлөрдө колдонуу жана коомго сезимтал мамиле жасап, коомдун мүчөсү катары жоопкерчилигин сезүүсү өтө маанилүү.

Заманбап көркөм өнөрдүн түйшүктөрүн жана ойлорун туюу, Кыргызстан менен Түркиянын искусствосун алдыга чыгарган жаратман өнөр адамдарын даярдоо максаты коюлган. Ошолу, түрк тектүү мамлекеттер жана түрк коомчулуктарынын жаштары менен үзгүлтүксүз билим алууга ишенген ар бир чөлкөмдөн жарандардын бирге билим алышы жана орток түшүнүктү өнүктүрүү максатында түзүлгөн факультет коомдун көркөм өнөр жаатында талабына ылайык билим берген, маданий элементтерди камтыган чыгармачылыкты баса белгилеген, мамлекеттик жана дүйнөлүк маданиятка салым кошкон, улуттук жана эл аралык аренада чыгармаларын көрсөтө алган, жетишкендиктерин таланттары менен айкалыштырган окутуучуларды жана заманбап өнөр адамдарын даярдоо максатында ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Даярдалган программанын негизинде алгач ирет Кыргызстан жана Түркиянын аймагы менен катар түрк дүйнөсү жана ага байланыштуу жалпы түрк элдеринин маданий баалуулуктарын жактырган, бул баалуулуктарды өзүнүн көркөм өнөрлүк көз карашы жана ой-толгоолору менен жуурулуштуруп, дүйнөлүк көркөм өнөрдө орун алышын көздөгөн көркөм өнөр түшүнүгүн жаратуу максатталган.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

Учурда факультеттин академиялык түзүмү көркөм сүрөт искусствосу, графика, музыкалык искусство, театралдык искусство бөлүмдөрү аталышындагы 4 бөлүмдөн турат. Көркөм сүрөт искусствосу, графика, музыкалык искусство, театралдык искусство бөлүмдөрүндө бакалавриат даражасында билим берилет. Бөлүмдөрдүн структурасы өнүккөн өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларындагы билим берүү стандарттарына окшош түзүлгөн. Ал күн сайын өнүгүп жаткан дүйнөгө ыкчамдык менен ыңгайлаша алган академиялык түзүмгө ээ.

Факультеттин ишмердүүлүгүнүн алкагында жергиликтүү жана эл аралык көргөзмөлөрдү, концерттерди, шоу-программаларды, театр оюндарын өткөрүп, ар түрдүү иш-чараларга жана конкурстарга катышып, “графикалык дизайн жана иллюстрация багытында студенттик көргөзмөлөрдү” ачып, “көркөм өнөр” багытында иш чараларды уюштуруп келет.

Тил үйрөтүү даярдоо курсунан сырткары 4 жылдык бакалавриат, ал эми тил үйрөтүү даярдоо курсун кошкондо 5 жылдык окууну камтыган билим берүү процессинде студенттер ар кыл маданий жана көркөм өнөр багытындагы иш-чаралар менен катар жеке көргөзмөлөргө, конференцияларга, илимий жыйындарга, семинарларга, республикалык жана эл аралык фестивалдар менен конкурстарга катышып, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин миссиясына жана концепциясына ылайык чыгармаларды жаратуу менен ишмердүүлүк чөйрөбүздү кеңейтүү жаатында жүргүзүлгөн иш-чаралар өзгөчө чоң мааниге ээ.

Факультеттин бөлүмдөрүнө КТМУнун Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу сынагы менен катар Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын абитуриенттерине өзгөчө жөндөмдүүлүк сынагы өткөрүлөт. Мындан сырткары түрк тилдүү мамлекеттерден абитуриенттер түрк дүйнөсүнүн квотасы менен кабыл алынат. Бул бөлүмдөргө тапшырган студенттер төрт жылдык билимин ийгиликтүү аяктагандан кийин өз багыты боюнча бакалавр даражасындагы диплом жана мугалимдик сертификат алуу укугуна ээ болот.

Факультеттин бүтүрүүчүлөрү университеттин ар кыл илимий багыттарда, ошондой эле Түркия, Кыргызстан, Россия Федерациясы, Орто Азия өлкөлөрүнүн (жогорку окуу жайларынын) жана ТРнын Түркия стипендиясы деп аталган ЖОЖдон кийинки билим берүү (магистратура жана докторантура) боюнча программаларына тапшыра алышат. Муну менен бирге факультетте окуп жаткан мезгилде өндүрүштүк практикадан өтүүдөн, Орхун жана Мевлана аталышындагы студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн жүргүзгөн алмашуу программаларынан да пайдалана алышат.

## ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ




### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Экономика жана башкаруу факультети 1996-жылдын 6-августунда №22719 расмий гезитте жарыяланган “Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында “Кыргыз-Түрк "Манас" университетин куруу тууралуу" №96/8350 келишимдин” негизинде 1997-1998-окуу жылында билим берүү жаатында ишмердүүлүгүн баштап, 2001-2002-окуу жылында алгачкы бүтүрүүчүлөрүн чыгарган. Факультет экономика, менеджмент, эл аралык мамилелер, финансы жана кредит аталышындагы 4 бөлүмдөн турат. Эл аралык мамилелер бөлүмүндө бир жыл англис тили боюнча даярдоо курсу окутулуп, сабактардын 30 пайызы англис тилинде жүргүзүлөт.

МИССИЯ

Өз багытында мыкты адис катары таанылган окутуучулар менен улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарды айкалыштырган, идеаларды жаратып, илимий изилдөө жүргүзгөн, көйгөйлөрдү илимий ыкмалар менен карап, инновациялык жолдорду колдонгон, өнүгүп жаткан технологиядан артта калбай, адамзаттын жыргалчылыгы жана бактысы үчүн кызмат өтөп, адамдын жашоосуна жана айлана-чөйрөгө маани берген, ачык-айкындуулукка басым жасап, жоопкерчиликти принцип катары карманган, эркин ой жүгүрткөн, бийик адамгерчилик касиеттерге ээ кадрларды даярдоону максат кылат.

КОНЦЕПЦИЯ

Факультетте заманбап, дүйнөлүк, динамикалуу, инновациялык, креативдүү, ар дайым чындыкты жана көркөмдүктү издеген, каржылык, интеллектуалдык гуманитардык жана экологиялык капиталды түзө алган ишкер, өз тармагында заманбап билимге ээ, билимин технология менен шайкеш жана рационалдуу түрдө колдонгон, дүйнөнү тааныган, улуттук иденттүүлүк менен катар дүйнөлүк баалуулуктарга ээ инсандарды даярдоо. Кыргыз-Түрк «Манас»

университетинин концепциясына ылайык экономика, менеджмент, эл аралык мамилелер, финансы жана кредит багыттарында булак катары колдонула турган илимий изилдөө иштерин жүргүзүү.

Максат жана милдеттер

Экономикалык тутумдун динамикасын түшүнүү, аналитикалык ой жүгүртүү жана синтез жолу аркылуу көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү, улуттук жана эл аралык деңгээлде башкаруучулук касиетке ээ жогорку квалификациялуу кадрларды даярдап, Кыргызстандагы эмгек рыногуна, административдик жана башкаруу иштерине салым кошуу.

Өнүгүп жана өзгөрүп жаткан доордун талаптарына ылайык бакалавриат программасы боюнча студенттерге билим берүү.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

Окуу процессинде ишкердик шыгы жогору болгон айрым бүтүрүүчүлөр Кыргызстанда жана Түркияда жекече же биргелешип түзүлгөн фирмалар аркылуу өз иштерин ачышат. Бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү Улуттук банк, Финансы жана Экономика министрликтери сыяктуу мамлекеттик жана жеке мекемелерде, биржа, айланма капитал чөйрөсүндө эмгек жолун башташат. Бул мекеме жана уюмдарда камсыздандыруучу, банкир, каржы кеңешчиси, инвестиция жана финансы боюнча адис, инспектор жана финансылык аналитик сыяктуу кызматтарда ар түрдүү башкаруу орундарын ээлешет.

Экономика бөлүмү

Экономика бөлүмүнүн студенттери университетти бүтүргөнгө чейинки окуу мезгилинде кеминде бир ай өндүрүштүк практикадан өтүүгө тийиш. Студенттер Кыргызстандын жана Түркиянын эң алдыңкы мекеме-уюмдарында өндүрүштүк практикадан өтүшөт. Бөлүмдүн бүтүрүүчү студенттерине теориялык билимдерин практикада колдонууга, иш тажрыйбасына ээ болууга, андан кийин иштеп кетүүгө жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Ар жыл сайын атайын сынак менен тандалып алынган ийгиликтүү студенттер Түркиядагы Финансы министрлигинде, ТР Борбордук банкында, Түркиянын палаталар жана товардык биржалар бirimдигинде, Стамбул баалуу кагаздар биржасында, Түркия Халк банкы, TSE, “Zorlu Holding OcOO”, İGEME, Айыл чарба банкы, TEKFEN, Стамбул Алтын биржасы сыктуу белгилүү мамлекеттик жана жеке мекеме-ишканаларда өндүрүштүк практикадан өтүшөт. Муну менен бирге Кыргызстандын мамлекеттик жана жеке секторлорунда өндүрүштүк практикасын өтөө жаатында студенттерге колдоо көрсөтүлөт. Студенттер Кыргызстандагы КР Финансы министрлиги, КР Улуттук банкы, Kyrgyz Concept, Dos CredoBank, İstikbâl, “Аманбанк”, Кыргызстан фондулук биржасы, “Нур мебель”, “Кыргызалтын”, Демир банк, Инексим банк сыяктуу мамлекеттик жана жеке ишканаларда өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Окуу процессинде ишкердик шыгы жогору болгон айрым бүтүрүүчүлөр Кыргызстанда жана Түркияда жекече же биргелешип түзүлгөн фирмалар аркылуу өз иштерин ачышат. Бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү Улуттук банк, Финансы жана Экономика министрликтери сыяктуу мамлекеттик жана жеке мекемелерде, биржа, айланма капитал чөйрөсүндө эмгек жолун башташат. Бул мекеме жана уюмдарда камсыздандыруучу, банкир, каржы кеңешчиси, инвестиция жана финансы боюнча адис, инспектор жана финансылык аналитик, жеке демилгеси менен ишкана ачуу, статистика боюнча адис, изилдөөчү, академиялык чөйрөдө кызматкер, мугалим сыяктуу кызматтарда ар түрдүү башкаруу орундарын ээлешет.

Менеджмент бөлүмү

Менеджмент бөлүмү бүтүрүүчүлөрүнүн ишкердик шыгын жаратып, андан ары өнүктүрүп, жеке ишкана ачууга ынтызарлыкты ойготуу жана бул багытта изденүү касиеттерине ээ кылуу менен Кыргызстандын, Түркиянын, Орто Азиянын жана башка өлкөлөрдүн ишканаларынын ар түрдүү мекемелеринде кесипкөй менеджер боло ала турган билим жана көндүмдөргө ээ, тынымсыз өзүн өнүктүрүүгө умтулган, өз алдынча үйрөнө алган жана ал үйрөнгөндөрүн колдоно билген жана өнүккөн инсан кылып тарбиялоону жана үйрөтүүнү көздөйт.

Менеджмент бөлүмүнүн максаты - маалыматты башкара билген, учурдагы күнүмдүк көйгөйлөрдү жоюп, чечим кабыл ала алган, жаңылыктарга даяр жана ийкемдүү, алдыңкы технологияларды колдоно билген студенттерди даярдоо. Муну менен катар менеджмент багытында илимий изилдөөлөр жүргүзүп, жыйынтыгын бөлүшкөн, коомдук жана тармагы боюнча жоопкерчиликтүү долбоорлорду иштеп чыккан жана жүзөгө ашырган, коомго ыңгайлаша билген, атаандаштыкка туруктуу, жаңычыл, келечекке пайдалуу чечимдерди кабыл ала билип, аларды ишке ашыра алган студенттерди даярдоо үчүн окуу программасын ишке ашырууну көздөйт.

Эл аралык мамилелер бөлүмү

Эл аралык мамилелер бөлүмүнүн студенттерине көп катмарлуу мамилелер тутуму тууралуу негизги маалыматтарды жана дүйнөлүк саясатты бакалавриат жана магистратура даражасына ээ адистерден үйрөнүү жана баалоо мүмкүнчүлүгү бериле тургандай уюштурулган илимий иш-чаралар аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги эл аралык мамилелердин улуттук, аймактык жана дүйнөлүк масштабынын өнүгүү тенденцияларын динамикалык жана учурдагы талаптарга ылайык изилдеп жана талдай ала турган билимге ээ болуу мүмкүнчүлүктөрү берилет. Ошондуктан эл аралык мамилелер бөлүмүнүн студенттери алган билимдерин өлкөнүн жана коомдун өнүгүүсү үчүн пайдалана тургандыктарына ишеним артылат.

Бөлүмдүн максаты - Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин концепциясына жана негизги максаттарына ылайык изилдөөчү, аналитикалык ой жүгүртө билген, өзгөрүп жаткан дүйнө шарттарында коомду жетектеп кете алган, маалыматка ээ болуу-бөлүшүү-жүзөгө ашыруу аркылуу өлкөнүн өнүгүүсүнө салым кошо алган, адамдык баалуулуктарды сыйлаган инсандарды тарбиялоо.

Түрк жана кыргыз тилдеринде билим берген бөлүмдүн милдети: илимий маалыматтарга таянуу менен чөйрөбүздө болуп жаткан окуяларды түшүнүү, мамлекеттин стратегиялык абалын жакшыртууга салым кошуу жана аларды алып кетүүдө лидерлик сапатка ээ кадрларды даярдап чыгаруу. Аталган милдет Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Евразияда жана дүйнөлүк аренада таанылган абройлуу университет болуу концепциясына дал келет.

Бөлүм:

- илимге негизделген ар кандай көз караштардын жана пикирлердин тынчтык жана толеранттык ыкта эркин, адилет, ачык-айкындыгына жана отчёттуулугуна;
- академиялык баалуулуктарга ээ жана иш-чараларды бул багытта аткаргандыгына;
- билим аркылуу коомдун өнүгүшүнө салым кошууга;
- университетте эмгектенген кызматкерлерди жана студенттерди канааттандырып, университетке таандык болгондукка сыймыктанууга;
- келечекти курууда студенттер маанилүү роль ойной ала тургандыгына ишенет.

Финансы жана кредит бөлүмү

Келечектеги ишкерлерди, финансы жана банк тармагындагы адистерди, илимпоздорду даярдайт. 2012-жылы негизделип, күчтүү профессордук-окутуучулук курамы менен бакалавриат даражасында жогорку билим берип келет. Академиялык жана өндүрүштүк тажрыйбасы жогору болгон окутуучулар заманбап, инновациялык окутуу ыкмалары аркылуу практикалык жана теориялык билимдерди айкалыштырып, сапаттуу билим берет. Эл аралык изилдөөчүлөрдүн жана өнөр жай адистеринин тажрыйбасынан бөлүмдүн студенттери пайдаланышы үчүн семинар жана программалар уюштурулуп турат. Аталган бөлүм Кыргызстандын жана Түркиянын профессордук-окутуучулар курамынын катышуусу менен ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Билим берүү иш-чаралары менен катар илимий изилдөөлөргө өзгөчө көңүл бурулуп, колдоо көрсөтүлөт. Бөлүмдүн студенттери Мевлана алмашуу программасы аркылуу Түркиянын ар кыл университеттеринде окуп келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин кирүү сынактарынан эң жогорку балл алган студенттер Финансы жана кредит бөлүмүн тандашат. Аталган бөлүм муну менен гана чектелбестен, Кыргызстанда жана Орто Азиядагы түрк тилдүү мамлекеттерде эң популярдуу болуп саналат. Бөлүмдүн студенттери эл аралык деңгээлдеги абройлуу жана белгилүү университет болуу жолунда келе жаткан Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коомчулук үчүн пайдалуу жана жашоого ыңгайлуу эң өнүккөн кампусунда, көп тилдүү жана көп маданияттуу чөйрөдө социалдык, техникалык жана финансылык колдоо аркылуу алдыңкы келечекке даярдык көрүүдө.

# ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ




## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

2011-2012-окуу жылында билим берүү ишмердүүлүгүн баштап, даярдоо курсунан сырткары 4 жылдык бакалавр даражасын берген жогорку окуу жайдын факультети болуп саналат. Даярдоо курсунда университеттин окуу тили болгон түрк жана кыргыз тилдери үйрөтүлөт. Ал эми араб тили чет тили катарында факультеттин эки бөлүмүнүн ар бир семестринде орун алып, өзгөчө басым жасалат. Бул окуу программалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен бекитилип, лицензия алынган жана билим берүү ишмердүүлүгү Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Уставына жана университеттин ченемдик укуктук документтерине ылайык жүргүзүлөт.

Факультетте дин таануу бөлүмү жана теология бөлүмү аталышында эки бөлүм бар.

Теология бөлүмүндө тафсир, хадис, калам, ислам укугу/фыкых, мазхабдардын тарыхы, суфизм/тасаввуф, куранды кыраатына менен окуу/тажвид, араб, орус, англис тилдери сыяктуу сабактар менен бирге адеп-ахлак, диндер тарыхы, диний философия, философия, диний социология, диний педагогика, диний психология, диний антропология, цивилизация, логика ж.б.у.с. сабактар окутулат. Факультет өткөндү жана келечекти бирге камтыган, технологиянын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланган, кыргыз жана түрк коомундагы көптөгөн диний жана социалдык көйгөйлөрдү чече билген, сынчыл көз карашка жана ой жүгүртүүгө маани берген, дүйнө таанымы кең бүтүрүүчүлөрдү даярдайт.

Дин таануу бөлүмүндө диндер тарыхы, дин жана маданият, философия, диний философия, диний психология, диний феноменология, адеп-ахлак жана баалуулуктар, диний антропология сыяктуу дин таануу боюнча сабактар менен бирге тафсир, хадис, келам/диний риторика, мазхабдардын тарыхы, ислам укугу/фыкых, ислам тарыхы сыяктуу теологиялык сабактар; педагогикалык психология, өлчөө жана баалоо, педагогикалык социология, педагогикага киришүү, атайын педагогиканын ыкмалары, диний педагогика, ораторлук чеберчилик сыяктуу жалпы илимий жана теологиялык сабактар түрк, кыргыз, араб жана орус тилдеринде окутулат. Теология багытында жогорку компетенттүү, аталган илимий багытта алган билимин жана тажрыйбасын күнүмдүк жашоодо жана ишинде чебер колдоно алган, жогорку билимге ээ бүтүрүүчүлөрдү даярдоо максатталган.

Эки бөлүмдүн биринчи курсунан баштап араб тили окутулат. 2015-2016-окуу жылында алгачкы бүтүрүүчүлөрүн уядан учуруп, факультеттин бүтүрүүчүлөрүнө мамлекеттик үлгүдөгү кыргыз жана орус тилдеринде жазылган диплом жана Европалык стандарттагы англис жана түрк тилдеринде жазылган эки диплом тапшырылат.

Факультеттин теология бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына (муфтият) караштуу мечиттерде дин кызматкери, медреселерде мугалим жана жетекчи кызматын аркалай алат. Ушуну менен бирге талап кылынган учурларда коомдук мекеме жана уюмдарда дин кызматкери болуп иштей алат.

Дин таануу бөлүмүн аяктаган бүтүрүүчү окутуучу катарында эмгектенүүгө укук берген дипломунун негизинде мамлекеттик мектептерде дин маданиятын жана адеп сабактарын берип иштей алат.

Факультеттин ийгиликтүү окуган студенттерине кош адистик программасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү берилет. Кош адистик программасын ийгиликтүү аяктаган студенттер эки бөлүмдүн дипломун алуу укугуна ээ болот. Факультетте билим алып жаткан студенттер окуу мөөнөтү боюнча кеминде бир жолу Түркияда жайкы окууга (өндүрүштүк практика) катышып, чет өлкөдө тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгү бар.

Теология багытында кесиптик билим жана көндүмдөрдү алып, эң ириде Кыргызстан жана Түркияда, ошондой эле башка өлкөлөрдө ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларына тапшыра алышат.

МИССИЯ

Теология багытында жогорку билим, түшүнүк жана баалоо компетенттүүлүгүнө ээ, изилдөө жүргүзүп, жыйынтыктары менен бөлүшкөн, диний, адеп-ахлактык жана илимий баалуулуктарды тутунган, өзүнө ишенген, жаратман инсандарды тарбиялоо аркылуу түрк тилдүү мамлекеттер менен боордош коомчулуктарга тынчтык, ынтымак, биримдик, достук жана тилектештик негизине таянган диний кызмат өтөп, өнүгүүсүнө салым кошуу.

КОНЦЕПЦИЯ

Илимий изилдөөлөрү менен эл аралык аренада таанымал жана абройлуу университет катары билим берүү, изилдөө, изденүү дарамети жогору, активдүү катышуу жана бөлүшүүгө багытталган биргелешип иштөө жана кызматташтык принцибине таянган башкаруу түшүнүгүнө ээ; тектеш түрк коомчулуктарынын диний билим берүү жаатындагы көйгөйлөрүн чечүү боюнча иш алып барган, коомдук жана дүйнөлүк баалуулуктарды сыйлаган, өнүгүүгө ачык, жаңычыл багытта ишмердүүлүгүн жүргүзгөн факультет болуу.

Максат жана милдеттер

Ислам дининин негизги булактары болгон Куран жана сүннөттүн негизинде теологиянын миссиясын үйрөтүү; билимдүү мусулман катары жашоосун улантып, үй-бүлөсүн, туугандарын, мекенин, улутун сүйгөн чынчыл инсандарды даярдоо.

Студенттердин өздөрү жашаган чөлкөмдү жана азыркы дүйнөнү таанып-билүүсүнө, илим менен технологияны туура жана пайдалуу колдонуусуна шарт түзүү. Эне тили менен бирге диний булактарды түшүнүүсү үчүн зарыл болгон араб тилин, түрк тилдүү элдердин тилин түшүнүү жана түрк тилдеги булактардан пайдалануу үчүн түрк тилин, бул чөлкөмдө кеңири колдонулган орус тилин жана башка өлкөлөрдө жашаган эл менен баарлашуу үчүн англис тилин билген инсандарды тарбиялоо. Ушул максаттарга ылайык студенттердин мурдагы аалымдарыбыздан бизге жеткен илимий жана маданий мурастарын терең өздөштүрүү менен жаңы илимий эмгектерди жараткан

жана дүйнөлүк тынчтыкка салым кошкон жаштардан болуп өсүшүнө бардык күч жумшалууда.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

Дин таануу бөлүмүндө исламга байланыштуу негизги илимдер менен бирге диндер тарыхы, диний окуулар, философия, адеп-ахлак, диний философия, диний социология, диний педагогика, диний психология, диний антропология, цивилизация, логика ж.б.у.с. тармактар окутулат. Педагогикалык сабактар да берилген бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү:

1. Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлигинин адеп сабагы боюнча мугалими;
2. Кыргызстандын Президенттик аппаратында, Ички иштер министрлигинде, Дин комиссиясында жана Муфтият сыяктуу мекемелерде адис;
3. Түркиядагы башталгыч жана орто билим берүү мекемелеринде дин сабактары боюнча мугалим жана Дин иштери боюнча башкармалыгында кызматкер болуп иштей алышат.

Теология бөлүмүндө араб тили, тафсир, хадис жана фыкых сыяктуу негизги ислам илимдери, теология, ислам тарыхы, маданияты жана цивилизациясы боюнча сабактар берилет. Бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү:

1. Кыргызстандагы Дин комиссиясында жана муфтияттагы кызматтарда;
2. Түркиянын Улуттук билим берүү министрлигинде дин маданияты жана адеп-ахлак таануу мугалими; Имам-Хатип орто мектебинин кесиптик сабактары боюнча мугалими;
3. Дин иштери боюнча башкармалыкта имам-хатип, молдо, муфтий жана Куран курсунун окутуучусу болуп иштей алышат.

**БӨЛҮМДӨР**

Факультетте дин таануу бөлүмү жана теология бөлүмү аталышында эки бөлүм бар.

Дин таануу бөлүмүндө 2023-жылдын 15-ноябрынан тарта 78 студент билим алууда. Бөлүмдө эки профессор, бир доцент, бир окутуучу жана эки кенже илимий кызматкер эмгектенет. Бөлүмдү Проф. др. Кемал ПОЛАТ жетектейт.

Теология бөлүмүндө 2021-жылдын 15-ноябрынан тарта 111 студент билим алууда. Бөлүмдө бир профессор, төрт доцент, бир ага окутуучу, үч окутуучу жана эки кенже илимий кызматкер эмгектенет. Бөлүмдү проф., док. Бекир Татлы жетектейт.

## КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

МИССИЯ

Эң биринчи кезекте түрк тилдүү мамлекеттер жана түрк коомчулуктары менен башка өлкөлөрдөн келген студенттерди алдыңкы материалдык жана техникалык базага ээ академиялык чөйрөнүн алкагында коммуникация тармагында мыкты, өздүк ишеними жогору, коомчулук алдында жоопкерчиликтүү, заманбап, эл аралык деңгээлде иштөөгө жөндөмдүү жаштарды тарбиялоо жана алгач түрк цивилизациясы менен катар дүйнөлүк масштабда илимге салым кошуу.

КОНЦЕПЦИЯ

Коммуникация багытынын бардык тармактарында адистешкен, аналитикалык ой жүгүрткөн, командада жана эл аралык платформаларда иштей алган, ийгиликтүү, чыгармачыл, илимпоз жана ар кыл тармактарда өз багыты боюнча иштей алган мыкты адистерди даярдоо.

Максат жана милдеттер

- Илимий, көркөм өнөр, технологиялык, социалдык жана маданий жаңылыктардан кабардар жана бул жаңылыктарды өз кесибинде, турмушунда колдоно билген жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо;
- Заманбап билим берүү талап кылган физикалык инфраструктура жана жабдууларды камсыз кылуу боюнча пландарды жана программаларды иштеп чыгуу;
- Улуттук жана эл аралык коомдук мекемелер жана өкмөттүк эмес уюмдар менен үзгүлтүксүз кызматташтык түзүү.

1-МАКСАТ. Радио, телекөрсөтүү, графика, анимация, дубляж, гезит жана жарнак студияларын түзүү менен теориялык билимдерди практика менен айкалыштырып билим берүү. Бул ыкма аркылуу студенттер теориялык билимдери менен бирге практикалык билимин чыңдап, эл аралык тилдердин биринде эркин сүйлөгөн жогорку квалификациялуу сапаттуу кадрларды даярдоо менен катар билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында зарыл болгон илимий кадрларды даярдоо жаатында иш алып барат.

- Интерактивдүү ыкмалар менен студенттердин өнүгүүсүн камсыз кылуу;
- Киноөндүрүш студиясын эффективдүү жана натыйжалуу пайдаланып, тажрыйба топтоо. Алгач билим берүүгө өзгөчө маани берүү менен башка иш-чараларды окуу процессине айкалыштырып жүргүзүү;
- Эл аралык университеттер менен кызматташуу жана орток долбоорлорду ишке ашыруу.

2-МАКСАТ. Киноөндүрүш студиясында, ТРТнын башкы мүдүрлүгүндө, КТР сыяктуу улуттук телерадио уюмдары менен орток долбоорлорду ишке ашыруу. Бул маданий иштер менен түрк дүйнөсүнүн медиасын колдоп, улуттук баалуулуктардын сакталышына, университеттин жана факультеттин таанылышына салым кошуу.

- ТРТнын башкы мүдүрлүгү менен биргелешип кино, анимация жана жарнамалык материалдарды тартуу. Бул материалдарды дүйнөлүк медиага чыгаруу. «Манас» гезитин жана университеттин бюллетенин мезгил-мезгили менен басып чыгаруу жана алгач Кыргызстан, Түркия менен катар түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүндөгү тийиштүү мекеме-уюмдарга таратуу;
- Улуттук медиа менен биргеликте иш алып баруу жана алардын программа, анимация, жарнама, дубляж жана киного болгон муктаждыктарына колдоо көрсөтүп, орток долбоорлорду ишке ашыруу;
- Медиада “кесип боюнча стандарттарды иштеп чыгуу” үчүн Кыргызстандын, Түркиянын жана тектеш түрк коомчулуктарынын коммуникация факультеттери менен бирдиктүү иш алып баруу;
- Изилдөөлөрдүн жана долбоорлордун темасына байланыштуу жергиликтүү, улуттук жана эл аралык мекеме жана уюмдар менен конгресс, симпозиум, илимий талкуу жана илимий жыйындарды уюштуруу. Коммуникация багытындагы журналистика, реклама жана коом менен байланыштар, телевидение, кино жана анимация тармагындагы китептерди которуу менен Кыргызстандын коммуникация багытындагы булак казынасына салым кошуу.

# ИНЖЕНЕРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Инженерия факультети 1997-1998-окуу жылында экологиялык инженерия жана компьютердик инженерия бөлүмдөрү менен билим берүү иш-чараларын баштаган. 2003-жылы тамак-аш инженериясы, 2007-жылы химиялык инженерия, 2017-жылы электроника жана электр инженериясы менен өнөр жай инженериясы бөлүмдөрү ачылган. 2014-2015-окуу жылынын жазгы семестринде жаңы имаратка көчүп, заманбап дарсканаларда жана лабораторияларда билим берүү ишин улантууда.

МИССИЯ

Орто Азиянын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө салым кошо турган, заманбап маалыматтык технологияларды колдоно алган, дүйнөдө болуп жаткан илимий жетишкендиктерден кабардар болгон, өндүрүштө алдыңкы технологияларды колдоно билген жана элдин жашоо деңгээлин жакшыртуу жаатында иш алып барган кесипкөй инженерлерди даярдоо.

КОНЦЕПЦИЯ

- Орто Азияда улуттук баалуулуктарды сактап кала турган дүйнөлүк билим жана көз караштарга ээ;
- Илимий жол менен ишин аркалаган;
- Үзгүлтүксүз түрдө өзүн-өзү өнүктүргөн жана өмүр бою билим алуунун маанилүүлүгүн түшүнгөн;
- Өзүн-өзү түшүнүп, гармонияда болгон, өзү жашаган коомго кызмат кылууну көздөгөн жаштарды тарбиялоо.
- Кыргызстандын жана Орто Азиянын эң алдыңкы Инженерия факультети болуу.

Максат жана милдеттер

- Инженерия тармагында мыкты адис жана өндүрүш тармагында эл аралык инженерия стандарттарына ылайык соңку маалымат жана алдыңкы технологияны колдоно алган

студенттерди даярдай турган сапаттуу билим берүү;

- Кыргызстан жана Түркия менен чектелбестен, бүткүл дүйнөдө мамлекеттик жана жеке менчик мекемелерде иштей алган жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо;
- Орто Азия өлкөлөрүнүн өнөр жай секторунда талап кылынган тармактарда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, коомдун өнүгүүсүнө салым кошуу;
- Алдыңкы ЖОЖдун билим жана тажрыйбасын, заманбап билим берүү программаларын жана окутуу усул-ыкмаларын колдонуу менен билим деңгээлин көтөрүү;
- Университетти эл аралык деңгээлге чыгаруу максатында чет мамлекеттерден жогорку квалификациялуу жана тажрыйбалуу окутуучуларды университетке тартуу жана университетке таандык профессордук-окутуучулук курамдын компетенциясын жогорулатуу максатында дүйнөнүн алдыңкы жогорку окуу жайларына жана илимий изилдөө борборлоруна жиберилишине колдоо көрсөтүү;
- Окуу программаларын MÜDEK (инженерия билимин берген мекемелерди баалоо жана аккредитациялоо ассоциациясы), ABET (инженериялык окуу боюнча америкалык кеңеш/American Board for Engineering Training) сыяктуу белгилүү кесиптик уюмдар тарабынан аккредитациядан өткөрүү;
- Факультеттин студенттерине ишке ашырылып жаткан долбоорлорго активдүү катышууга шарт түзүү. Студенттерге маселелерди чечүүдө инженердик ыкмаларды үйрөтүү;
- Бүтүрүүчүлөр менен өнөр жай өндүрүшчүлөрүнүн ортосунда семинарларды жана илимий талкууларды уюштуруу аркылуу келечекте бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна көмөк көрсөтүү;
- Эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөрдөн талап кылынган жана күтүлгөн көндүмдөрдү аныктоо үчүн дайыма мониторинг жүргүзүү;
- Мамлекеттик мекемелерге, жеке менчик мекемелерге жана коомго пайдалуу болуу үчүн алардын суроо-талабы боюнча тиешелүү маселелерге кеңеш берүү; өндүрүлгөн тамак-аштын сапатын көзөмөлдөө, экология маселелери, маалымат технологиялары ж.б.у.с. маселелер боюнча кеңеш берүү;
- Жаңы илим жана технологияларды өнөр жайда колдонууну камсыз кылуу максатында өнөр жайчылар менен билим берүүдө кызматташтык түзүү жана эл аралык долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу.

## БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ

Программалык инженерия бөлүмү

Программалык инженерия бөлүмү заманбап маалымат иштетүү технологияларын колдонуу менен Түркия, Кыргызстан жана Орто Азияда эл аралык инженердик деңгээлде кызмат көрсөтө алган инженерлерди даярдоо менен бирге жогорку сапаттагы билим берүү аркылуу боордош өлкөлөрдүн экономикасына салым кошууну максат кылат. Программалык инженерия бөлүмү 2004-жылы алгачкы бүтүрүүчүлөрүн чыгарган. Бөлүмдөгү билим берүү заманбап операциялык тутумдар (Windows жана Unix), интернет инфраструктурасы, программалык камсыздоо (C, C++, Java, Delphi, Visual Basic, Oracle/ SQL Sever) сыяктуу негизги теориялык билимди лабораториялык сабактардын жардамы менен практикалык жактан чыңдап, профессионалдык деңгээлде компьютердик тутумдарды жарата турган инженерлерди даярдоо. Бул максатта бакалавриат программасы студенттерге жетишерлик деңгээлде аппараттык жабдуулар (hardware) боюнча, жогорку деңгээлде алдыңкы теориялык билим камсыз кылган, программалык жабдууларды иштеп чыгуу көндүмдөрүн өрчүткөн, компьютердик тутумду долборлоо жана иштетүүгө

багытталган сабактар берилет.

Жаратылышты колдонуу жана экология бөлүмү

Экология инженериясы жергиликтүү жана дүйнөлүк деңгээлде адамдарды айлана-чөйрөнүн зыянынан жана айлана-чөйрөнү адамдардын залакасынан коргоо, адамзаттын ден соолугу менен бакубаттуулугу үчүн шарттарды жакшыртуу максатында негизги илимий теорияларды практика жүзүндө ишке ашыра турган инженерия тармагы болуп эсептелинет.

Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы бөлүмү

Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы боюнча инженерлер тамак-аш өндүрүшүндө чийки затты иштетүүдөн баштап, продукция керектөөчүнүн колдонуусуна жеткенге чейинки мезгилди кучагына алган тамак-аш чынжыры боюнча иш алып барат.

Химиялык технология бөлүмү

Химиялык технология боюнча инженерия материалдарынын химиялык түзүмү, энергетикалык курамы же физикалык абалы өзгөргөн процесстерди иштеп чыгуу жана колдонуу жаатында иш алып барган инженериянын кеңири жана ар тараптуу тармагы. Чийки заттын химиялык же физикалык өзгөрүүлөргө дуушар болуп, адамзат үчүн пайдалуу продукцияга айлануу процесстерин долбоорлоо, куруу жана иштетүү химиялык инженериянын маңызын түзөт.

Электроника жана электр инженериясы бөлүмү

Негизги инженериялык теориялар менен катар электр жана электрондук схемаларды, системаларды долбоорлоо жана талдоо, байланыш тутумдары, электр жабдуулары, электр машиналары жана автоматташтырылган тутумдар боюнча билим берет.

Электроника жана электр инженериясы илимпоздор колдонгон приборлордун негизги механизмдерин чыгарган, алардын программаларын жаза алган жана тескери инженерия менен өндүрүлгөн түзүлүштөрдүн ички механизмдерин чече билген кеңири чөйрөнү камтыйт.

Өнөр жай инженериясы бөлүмү

Өнөр жай инженериясы адам, машина, информатика, аппараттык камсыздоо жана энергиядан турган интеграцияланган тутумдарды долбоорлоо, өркүндөтүү жана орнотуу жаатында иш алып барат. Мындан алынган натыйжаларды аныктоо, гипотеза жана баалоо үчүн инженердик анализ жана долбоорлоо принциптери жана ыкмалары менен кошо математикалык, физикалык жана коомдук илимдердеги кесиптик билим жана көндүмдөрдү колдонгон инженерия тармагы.

.

# ВЕТЕРИНАРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ




## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

МИССИЯ

Факультет заманбап билим берүү принциптерине ылайык жаратылыш, адам жана жаныбарлардын укуктарын урматтаган, жогорку билимдүү, өзүнө бекем ишениген жана толеранттуу принциптерди тутунган, үзгүлтүксүз билимин жаңылап, өзүн-өзү өнүктүргөн, өзүнүн мендигин тастыктаган, адамдар менен мамиле түзө алган, ар кыл жагдайга ийкемдүү мамиле жасаган, түрк дүйнөсүнүн баалуулуктарын аздектеген, аналитикалык ой жүгүртө билген, маданий түрдө көз караштарын эркин билдире алган, кесиптик этиканы сактаган, ветеринария адистиги боюнча мыйзамдарды, нускамаларды, жоболорду мыкты билген ветеринарларды даярдоо.

КОНЦЕПЦИЯ

Жаратмандык жана өндүрүмдүүлүк принциптери менен бөлүшүүдө, тилектештикте жана көйгөйлөрдү чечүүдө кыйналбаган, жеке адамдар менен мекеме ортосунда эффективдүү байланыш кура алган, үйрөнүүнү жана үйрөтүүнү жакшы көргөн, уюшкандыкты, билимин бөлүшүүнү принцип катары карманган, мекемеге таандык болгондугуна сыймыктанган адистерди даярдап, аймакта абройлуу университеттин белгилүү факультети болуу.

Максат жана милдеттер

Кыска мөөнөттүү

1. Билим берүү үчүн факультетти керектүү китептер менен камсыздоо жана факультетте эмгектенген профессордук-окутуучулук курам тарабынан даярдалган китептерди билим берүүдө колдонуу.
2. Лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн зарыл болгон негизги жабдууларды, шаймандарды жана материалдарды сатып алуу.
3. Студенттерди практика үчүн зарыл болгон негизги лабораториялык жабдуулар жана материалдар менен камсыз кылуу.
4. Курстун мазмунун жана силлабусун жаңылап жарыялап туруу (бериле турган сабактар гана жаңыланат).
5. Жаңы окуу программасынын алкагында уюштурулган сабактардын силлабустарын жаңылоо.

Орто мөөнөттүү

1. Факультеттин бардык бөлүмдөрүнүн минималдуу муктаждыктарын канааттандыруу үчүн керектүү жабдуулар менен камсыздалган лабораторияларды куруу.
2. Илимий изилдөө лабораторияларын куруу үчүн инфраструктуралык жактан даярдык көрүү.
3. Бөлүмдү чыңдоо жана өнүктүрүү жаатында иш-чараларды жүргүзүү.
4. Магистратура жана докторантура программалары боюнча билим бере турган Ветеринария институтун түзүү жана ишмердүүлүгүн баштоо.
5. Университеттин эки тараптуу кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, административдик кызматкерлердин компетенциясын жогорулатуу максатында индивидуалдык жана кесиптик өнүгүүсү боюнча ар кыл программаларга катышуусуна мүмкүнчүлүк берүү.
6. Эл аралык конгресс, симпозиум же илимий талкуу алкагында таанылууну жана маалымат бөлүшүүнү камсыздоо.

Узак мөөнөттүү

1. Университеттин Саламаттыкты сактоо институтунда магистратура жана докторантура программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн институтунда факультеттен бүтүргөн профессордук-окутуучулук курамды түзүү менен катар эң алдыңкы материалдык-техникалык база, заманбап маалыматтык технологиялар жана ыкмаларды колдонуу аркылуу Кыргызстан жана коңшу өлкөлөр менен академиялык иш-чараларды жүргүзүү.
2. Тамак-аш азыктарынын коопсуздугун аныктоо, эпидемиялык ооруларды изилдөө жана диагностикалоо сыяктуу тармактарда алдыңкы лабораторияларды түзүү аркылуу эң алдыңкы лабораторияга ээ белгилүү факультет болуу.
3. Курула турган алдыңкы лабораториянын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, эл аралык журналдарда, өзгөчө SCI индекстүү журналдарда макалаларды жарыялоо.
4. Заманбап билим берүү принциптерине ылайык жаратылыш, адам жана жаныбарлардын укуктарын урматтаган, жогорку билимдүү ветеринар адистерин даярдоо.
5. Эл аралык денгээлдеги иш-чаралардын алкагында Болонья процессинин критерийлерине ылайык аккредитация иштерин жүргүзүү. Эл аралык мекеме-уюмдар жана иш чөйрөсү менен кызматташууга кызыкдар, билим берүү жана илимий изилдөө жаатында аймактагы абройлуу университет болуу.
6. Факультеттин бүтүрүүчүсү болгон ветеринарлар аркылуу Кыргызстандын мал чарбачылыгын өнүктүрүү, малдын жана калктын саламаттыгын сактоо, жаратылыш балансын жана түзүлүшүн бузбастан, Кыргызстан экономикасы өлкөнүн мал чарбачылык потенциалын рационалдуу пайдалануусу үчүн факультеттин жана бүтүрүүчүлөрдүн олуттуу иш алып барышы.
7. Аң-сезимдүү, технологияны колдонууга көнүккөн өндүрүш баскычтарын жана өндүрүүчү профилди түзүү иш-аракеттеринен тышкары азык-түлүк коопсуздугу боюнча маалыматы бар керектөөчү массаны калыптандырууда жол көрсөтүп, жетекчилик кылуу.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

Ветеринария факультети негизги 3 багытта билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзөт:

1. Билим берүү.
2. Илимий изилдөө жана публикацияларды жарыялоо.
3. Коомго кызмат.

a) Клиникалык кызмат.
b) Мал багуу жана асылдандыруу боюнча көрсөтүлгөн кызматтар.
c) Адам жана айлана-чөйрөнүн саламаттыгы боюнча көрсөтүлгөн кызматтар.
d) Кеңеш берүү кызматтары.
e) Тамак-аш коопсуздугу жана коомдук саламаттыкты сактоо кызматтары.

## АЙЫЛ ЧАРБА ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

МИССИЯ

Сапаттуу билим берүү жана илимий изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер тажрыйбалык иштеп (AR-GE) аркылуу жогорку билимге ээ, билимин коомдун пайдасы үчүн колдоно алган, илимий, маданий жана этикалык баалуулуктарга ылайык иш жүргүзгөн бүтүрүүчүлөрдү, илимпоздорду даярдоо жана коомдун аң-сезимин жогорулатуу.

КОНЦЕПЦИЯ

Сапаттуу билим берүү менен улуттук деңгээлде келечекке карай билим базасын түзгөн заманбап айыл чарба мекемелеринин арасында алдыңкы орунга ээ факультет болуу.

Максат жана милдеттер

Кыргызстандын жаратылышынын генетикалык ресурстарын коргоо менен айыл чарба тармагында заманбап теориялык билим жана технология аркылуу айыл чарбасына салым кошуу эң негизги максат болуп эсептелинет.

Факультет агрономия багытында мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү жана өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмдөрүндө бакалавриат даражасында билим берип, өндүрүштү пландаштырып, долбоорлорун түзө алган жана заманбап агротехниканы колдоно алган жогорку билимге ээ айыл чарба инженерлерин даярдоону көздөйт.

БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ

- Заманбап технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын шартына ылайыктуу жергиликтүү жогорку түшүм берүүчү өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун иштеп чыга алган, айыл чарба тармагында жогорку түшүм берүүчү тутумдарды түзө алган жана кесибине байланыштуу өндүрүштүк-технологиялык иш-аракеттерди жүргүзгөн адистерди даярдоо.
- Заманбап технологиялар аркылуу жергиликтүү жаныбарлардын түрлөрүн колдонуу менен жогорку натыйжалуу мал чарба тутумдарын түзүп, кесибине байланыштуу өндүрүштүк-технологиялык иш-аракеттерди жүргүзгөн адистерди даярдоо.

- Өсүмдүктөрдү коргоо жаатында биотехнология жана ген инженериясы боюнча алдыңкы ыкмаларды колдонуу аркылуу айыл чарба өндүрүшүн интенсивдүү өнүктүрүп, кесибине байланыштуу өндүрүштүк-технологиялык иш-аракеттерди жүргүзгөн адистерди даярдоо.
- Айыл чарба тармагындагы өндүрүштөрдү интенсивдүү технологиялар менен уюштуруу жана башкарууга жөндөмдүү адистерди даярдоо.
- Өлкөнүн айыл чарбасына салым кошуп, түшүмдү жогорулата турган илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү.
- Дүйнө жүзүндө жаңыдан иштелип чыккан техника жана ыкмаларды өлкөнүн азыркы шарттарына ылайыкташтырып колдонуу менен айыл чарба продукцияларынын түшүмдүүлүгүн сапатын жогорулатуу.
- Өлкөнүн айыл чарбасында пайда болгон көйгөйлөрдү тез арада чечүү жолдорун иштеп чыгуу.

## ФАКУЛЬТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

ФИЗИКАЛЫК ИНФРАТҮЗҮМ

- Айыл чарба факультети алдыга койгон өнүгүү планынын жана узак мөөнөттүү максаттарынын алкагында 5399,38 $m^2$ түзгөн имаратта билим берүү иш-чараларын жүргүзүп келүүдө, анын B, G жана E блокторунан турган имаратында кеңсе, дарскана, лаборатория, сынамык жана чалгындоо иштерин жүргүзгөн бөлмөлөр, муздаткыч бөлмөлөр, кампалар жана коомдук жайлар орун алган.
- Факультет 13 лабораториясын (бакча өсүмдүктөрү, талаа өсүмдүктөрү, тоют өсүмдүктөрү, үрөн технологиясы, помология, биотехнология, энтомология, нематология, герблогия, фитопатология, молекулярдык биология жана биотехнология, өсүмдүктөрдүн клиникасы жана компьютердик лабораториялар) керектүү материалдар менен камсыздап, анализдерди жүргүзүп келет. Мындан тышкары факультеттин имаратында 7 дарскана, 1 черчение бөлмөсү, 26 кеңсе, 3 муздаткыч бөлмөсү, 1 борбордук химиялык кампа, 1 кафетерий, 1 китепкана жана 5 чоң дарскана орун алган.
- Мөмө-жемиш бакчасы: мөмө сортторун чогултуу бакчасында катуу урук, катуу кабык, жумшак урук жана жүзүм жемиштеринин көптөгөн түрлөрү жана мөмө сорттору бар. Ошондой эле 35 сорттогу жүзүмзар бар. Бул бакчада студенттер алган билимин практикалык иштер менен айкалыштырып бекемдей алышат.
- Талаа тилкеси: бул аймакта жашылчалар, талаа өсүмдүктөрү жана декоративдүү өсүмдүктөр өстүрүлүп, мүнөздөмө берилет жана жакшыртуу сыяктуу көптөгөн илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт.
- Күнөскана: 200 $m^2$ бийик туннел жана 1000 $m^2$ күнөскана аянты бар. Бул тармакта илимий изилдөө жана тажрыйба-констуктордук иштер тажрыйбалык иштеп (AR-GE), билим берүү жана өндүрүштүк иш-чаралар жүргүзүлөт. Мындан тышкары өлкөнүн күнөскана иштеткендерге сертификация боюнча билим берилет.

## СПОРТ ИЛИМДЕРИ ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Университеттин Спорт илимдери факультети алгач ирет Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби аталышында Камкорчулар кеңешинин 2007-жылдын 23-октябрындагы 2007.03-жыйынындагы №4 чечиминин негизинде Окумуштуулар кеңешинин 2008-жылдын 5-февралындагы №2008-3.24 чечими менен ачылган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби 2008-2009-окуу жылында билим берүү ишмердүүлүгүн дене тарбия жана спорт мугалими, машыктыруучуларды даярдоо бөлүмдөрү менен баштаган.

Ушуну менен бирге 2018-жылдын 15-майында Коомдук илимдер институтунда Дене тарбия жана спорт багыты боюнча магистратура программасы ачылып, 2019-2020-окуу жылынан тарта студенттерди кабыл ала баштаган.

Факультеттин максаты – дене тарбия жана спортко коомдук кызыгууну арттыруу, иш-чаралар аркылуу социалдашууну жана социалдык интеграцияны камсыздоо. Балдарга, жаштарга жана спортчуларга дене тарбия иш-чаралары аркылуу өзүн көрсөтүүгө жардам берип, дене тарбия жана спорттун маанисин билген жана түшүндүрүп элге жеткире алган мугалимдерди жана машыктыруучуларды даярдайт.

Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы №2021-02.16 чечими менен Камкорчулар кеңешинин 2021-жылдын 28-апрелиндеги 1-жыйынынын №2021-01.04 чечиминин негизинде Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин аталышы Спорт илимдери факультети болуп өзгөртүлдү. Факультетибиз билим берүү ишмердүүлүгүн дене тарбия жана спорт мугалими, машыктыруучуларды даярдоо бөлүмдөрү менен улантып жатат.

Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы №2021-02.11 чечими менен Камкорчулар кеңешинин 2021-жылдын 28-апрелиндеги 1-жыйынынын №2021-01.07 чечиминин негизинде Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин Салттуу оюндар жана спортту изилдөө-практикалык иштерин жүргүзүү борбору болуп аталышы Салттуу оюндар жана спорт илимин изилдөө институту деп өзгөртүлдү.

### МИССИЯ

Заманбап спорттук жана илим технологияларынын өнүгүүсүнө салым кошуу, бул тармактагы актуалдуу өзгөрүүлөр менен бирге кадам шилтеп, изилдөөчү, иликтөөчү, сынчыл ой жүгүртүү жаатында өзгөргөн дүйнөлүк шарттарда коомго жетекчилик кыла алган, гуманисттик баалуулуктарды сыйлаган, коомдук ден соолук үчүн спорттун маанисин баамдай билген заманбап спортчуну окутуу усулдарын өздөштүргөн, Ататүрк принциптерине жана мамлекеттик баалуулуктарга берилген, демократиялык аң-сезими калыптанган спортчуларды даярдоо,

улуттук жана эл аралык аренада спорт илиминде абройлуу мекемелердин арасынан орун алуу.

КОНЦЕПЦИЯ

Топ менен иштөөгө дем берген, башкарууга активдүү катышууга жана бөлүшүүгө багытталган топ менен иштөө түшүнүгү орун алган, алгач өз чөлкөмүбүздөн баштап, эл аралык деңгээлде да спорт тармагындагы маселелерди чечүү жаатында иштерди аткарган, мыкты кызматкерлери менен заманбап инфратүзүмү жана спорт илиминде соңку технологияларды колдонгон инновациялык жана алдыңкы тажрыйбалары аркылуу спорт билимин берүү тармагында Кыргызстанда жана дүйнөдө үлгү болчу окутуу моделин түзүү, билим берүүдө жалпыга таанымал марка болуу.

Максат жана милдеттер

- Илимий жана этикалык принциптерди карманган;
- Адам укуктарын, эркин сүйлөөнү жана демократияны аздектеген;
- Ар түрдүү көз карашын, өз пикирин тынчтык жол менен толеранттуу айта алган, эркин, адилеттүү, ачык-айкын жана демократиялык принципке, академиялык жана этикалык баалуулуктарга сугарылган;
- Жасап жаткан ишин эң мыкты бүтүргөнгө чечкиндүүлүк менен талыкпай эмгектенген;
- Алган билимин өлкөсүнүн жана коомдун өнүгүүсү менен бакубат жашоосуна жумшаган;
- Башка кесиптик топтор менен кызматташуунун алкагында иш алып бара алган;
- Айлана-чөйрөгө жана коомдук көйгөйлөргө маани берген;
- Алган билимин элге жеткире алган жана коомдук аң-сезимдин өнүгүшүнө салым кошкон күчтүү кадрларды даярдоо факультеттин эң негизги максаттары болуп саналат.

Стратегиялык максаттар:

- Спорттун илимий багыты боюнча өлкөгө муктаж болгон спорт багытындагы адистерди даярдоо;
- Студенттерде илимдеги жана спорт тармагындагы соңку өнүгүүлөрдү аңдоо жөндөмүн калыптандыруу;
- Студенттердин билим берүү процесси боюнча факультеттин негизги баалуулуктарын түшүнүүсүн камсыздоо;
- Ар дайым өзүн-өзү жакшыртуу сезимине ээ кылуу;
- Топ менен иштөө каалоосун калыптандыруу;
- Факультеттин койгон максаттарын окуу-тарбиялык иш-чаралар менен айкалыштыруу;
- Максат кылынган билимди берүү максатында жетиштүү деңгээлде материалдык-техникалык база түзүп, дүйнөдөгү эң алдыңкы технологиялар менен жабдылган билим берүү жана илимий изилдөө лабораторияларын куруу;
- Студенттерден теориялык билимдерин практикада колдоно алган спортчуларды даярдоо;
- Улуттук жана эл аралык байланыштарды үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүү;
- Бүтүрүүчүлөр менен ар дайым байланыш түзүү;
- Өлкөнүн жана дүйнөлүк ресурстардын натыйжалуу колдонулушун камсыз кылуу.

Негизги баалуулуктар:

- Ар кыл билим берүү, илимий изилдөө иш-чараларында жана социалдык көйгөйлөрдө коомдун кызыкчылыгын көздөө, эң биринчи иретте коомдук адилеттүүлүк принцибин кармануу;
- Менчик ресурстарды жана баалуулуктарды күн сайын көбүрөөк адамдар пайдалана турган деңгээлге жеткирүү максатын көздөө;
- Абройлуу университет/спорт сектору/коом менен кызматташтыкты чыңдоо;
- Кесиптик этиканы жана жоопкерчилик сезимин эң жогорку бийик кармап, башка кесиптик топтор менен кызматташууну жогорку деңгээлде камсыз кылуу;
- Командалык демге ээ болуу.

## ТУРИЗМ ФАКУЛЬТЕТИ



**ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

1999-2000-окуу жылында эки жылдык кесиптик жогорку мектеп катары билим берүү иш-чараларын баштап, биринчиден тамак-аш жана суусундуктар менеджменти, экинчиден туризм жана мейманкана иштетүү, акырында туризм гид кызматы программалары ачылган. Үч өзүнчө программада ишке ашырылган окуу программаларынын ийгилиги, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу жана кесиптик жогорку мектеп боюнча ар кыл мекемелердин оң жааттагы ой-пикирлери менен жогору бааланды. Ушундан улам 2 жылдык кесиптик жогорку мектеп жетишкен ийгиликтерин мындан ары өркүндөтүү максатында максатында 2007-2008-окуу жылынан тарта Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби аталышында 4 жылдык бакалавриат программасы боюнча мейманкана иши, саякат иши жана гид кызматы, ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмдөрү менен билим берүү ишмердүүлүгүн уланткан.

Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы №2021-02.10 чечимине ылайык Туризм жана мейманкана иштетүү мектеби ириде Кыргызстан, Түркия жана түрк дүйнөсүнүн мамлекеттеринин туризм тармагында кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу багытында бакалавриат даражасында билим берип, бакалавриат программаларын ишке ашырып, жогорку тажрыйбалуу профессордук-окутуучулук курамы жана соңку технологиялар менен жабдылган материалдык-техникалык базасынын негизинде жогорку мектептин академиялык өнүгүүсүнө жол ачуу жана студенттердин факультеттин дипломун алышы үчүн аталган жогорку мектептин аты 2021-2022-окуу жылынан тарта Туризм факультети болуп өзгөртүлдү.

МИССИЯ

Биринчи кезекте түрк дүйнөсүндө жана бүткүл дүйнөлүк туризм ишканаларында жетекчи менеджерлерди даярдоо менен катар эл аралык заманбап билимдин талаптарына ылайык билим алган, түрк цивилизациясы менен бирге дүйнөлүк көз карашка ээ кадрларды даярдоо.

КОНЦЕПЦИЯ

Жогорку квалификациялуу бүтүрүүчүлөрү аркылуу туризм жаатында эл аралык марка болуу.

Максат жана милдеттер

Таланттуу жаштарга туризм тармагында келечеги кең карьера мүмкүнчүлүктөрүн берүүнү көздөгөн Туризм факультетинин негизги максаты – биринчи кезекте Кыргызстандын жана бүткүл түрк дүйнөсүндөгү туризм ишканаларынын муктаждыктарына жараша талап кылынган кадрларды, эл аралык стандарттарга ылайык жетекчи менеджерлерди даярдоо менен катар академиялык эмгектери менен туризм тармагына салым кошуу.

Туризм факультетинин келечектеги максаттарынын бири – Кыргызстанда туризм тармагында иштеген квалификациялуу кадрларды даярдап чыгаруу менен бирге бүтүрүүчүлөргө дүйнөнүн каалаган өлкөсүндө иштеп кеткендей билим берүү. Бул жаатта Туризм факультетинин негизги максаттары төмөнкүдөй:

a) Улуттук иденттүүлүгүн сактоо менен дүйнөлүк көз карашка ээ инсанды тарбиялоо;

b) Студенттерге туризм чөйрөсүндө колдоно ала турган башкаруу боюнча билим жана көндүмдөрдү үйрөтүү;

c) Ар бир студентке иш ордунда окутуу жана практика өтөө мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;

d) Студенттерге дүйнөдө эң көп колдонулган тилдердин ичинен үчтөн кем эмес тилди билишин камсыз кылуу;

e) Туризм тармагында көп муктаждыктарды жараткан мейманкана, тамактануу жана агенттик кызматтар жаатында семинарларды жана курстарды уюштуруу, илимий жыйын жана конференцияларды өткөрүү;

f) Туризм тармагында жаңы долбоорлорду иштеп чыгуу;

g) Туризм тармагына талап кылынган багыттарда кеңеш берүү кызматын аткаруу;

h) Туризм багыты боюнча магистратура жана докторантура программаларын ачуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

i) Студенттерге дүйнөлүк масштабда практика өтөө мүмкүнчүлүгүн түзүү;

j) Профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрүн жана студент алмашуу программалары сыяктуу маселелерде дүйнөнүн алдыңкы туризм мекемелери менен кызматташуу;

k) Туризм жаатындагы билим берүүнүн ар кыл тармактарында патент алуу;

l) Өндүрүштүк практика өтөө боюнча мейманкана иштетүү долбоорунун мазмунун жана аянтын кеңейтүү.

**БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ**

Туризм факультетинде төмөндө берилген бөлүмдөрдө бакалавриат окуу программасы боюнча билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлөт.

Мейманкана иши бөлүмү

Кыргызстанда күн санап өсүп жаткан туризм тармагынын мейманкана ишинин эң маанилүү муктаждыктарынын бири – бул квалификациялуу жумушчу күчү. Ушул себептен улам бул тармакта жогорку квалификацияга ээ факультеттин бүтүрүүчүлөрү туризмдин бардык тармактарында жана бөлүмдөрүндө жумушчу күчүнө болгон муктаждыкты канааттандырууда маанилүү роль ойнойт. Бул бөлүмдө билим алган студенттер биринчи кезекте мейманкана ишмердүүлүгүн уюштурууда фронт-офис жана мейманкана ишмердүүлүгүнүн технологиясы үчүн жетекчилик кызмат орундарына даярдалат. Муну менен бирге билим берүү программалары тамак-аш жана суусундук жаатында шыктуу студенттерге бул багытта өздөрүн өнүктүрүп, билимин чыңдоого мүмкүнчүлүк берген курстарды да камтыйт.

Саякат иши жана гид кызматы бөлүмү

Туризм индустриясынын эң маанилүү бөлүмдөрүнүн бири болгон саякат тармагы Кыргызстанда өтө тездик менен өнүгүп жаткан тармактардын бири. Кыргызстан туризминин абалы келечекте да учурдагыдай эле бул жаатта даяр кадрларга муктаж болот. Ошондуктан бул тармакта квалификациялуу жумушчу күчүн даярдоо өтө чоң мааниге ээ. Бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү саякат ишинде да жана гид кызматында да жетекчилик жана туристтик агенттиктерде менеджер кызматына багытталган билимге ээ болуусу келечекте бул тармактын бардык ишканалары тарабынан тандалган кадр болуусуна мүмкүндүк берет.

Ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмү

Тамак-аш жана суусундуктар менен тейлөө кызматы учурда өнүгүп келе жаткан тармактардын бири болуп саналат. Ушул себептен бул тармак көп киши эмгектенген жана эң көп жумушчу күчү талап кылынган тармактардын бири болуп эсептелинет. Кыргызстандын тамак-аш жана суусундук өнөр жайлары менен түзүлгөн кызматташтык келишимдердин алкагында студенттер окуп жүргөн кезинде эле иштөөгө чакырылат. Ошондуктан бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү адистиги боюнча жумушка ээ болушуп, иш табуу боюнча көйгөй жаралбайт. Бул бөлүм эң алдыңкы физикалык инфратүзүмгө, багыты боюнча чоң тажрыйбага жана күчтүү профессордук-окутуучулар курамга ээ.

## ИНСТИТУТТАР

### КООМДУК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ



#### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коомдук илимдер институту 2001-жылы алгач түркология жана тарых багыттары боюнча магистратура программаларын ачуу менен өз ишин баштаган. Андан кийин экономика, менеджмент, финансы жана коммуникация жаатында магистратура жана докторантура программалары, педагогика багыты боюнча магистратура программасы ачылган. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Камкорчулар кеңешинин 2013-жылдын 11-ноябрындагы 2013.02.10 а) чечими менен Коомдук илимдер институтунда эл аралык мамилелер, социология жана педагогика бөлүмдөрүнүн магистратура программалары, педагогика багыты боюнча докторантура, 2014-жылдын 19-майындагы 2014.01.4-буйругу менен философия, синхрондук котормо, ислам таануу илими, туризм жана мейманкана иштетүү багыттары боюнча магистратура программалары, 2014-жылдын 22-декабрындагы 2014-02.6-буйругу менен англис тили жана адабияты багыты боюнча магистратура программасы ачылган. 2017-2018-окуу жылында ислам таануу илими боюнча докторантура жана финансы багытында магистратура программасы, ушундай эле магистратура программалары 2018-2019-окуу жылында педагогика (психологиялык кеңеш), дене тарбия жана спорт багытында, ал эми тарых бөлүмүндө археология жана коомдук антропология жаатында ачылган. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Камкорчулар кеңешинин 2021-жылдын 28-апрелиндеги №2021-01-чогулушунун 7-чечими менен социология багыты боюнча докторантура программасы ачылган. Өзгөчө белгилеп кетер нерсе, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 15-июнундагы 1015/1-буйругунун негизинде педагогика, тарых, түркология (филология), социология, ислам таануу илими (теология), экономика, менеджмент, коммуникация (журналистика) боюнча докторантура (аспирантура) программалары лицензияга ээ болгон.

Миссиясы:

Коомдук илимдер институтунун миссиясы түрк дүйнөсүнүн, өзгөчө Кыргызстан менен Түркиянын керегине жараган билимдүү, жоопкерчиликтүү, жаратман, чыгармачыл ой жүгүрткөн, күнүмдүк жана актуалдуу проблемаларды илимге таянуу менен чече билген окумуштууларды, адистерди жана жетекчилерди даярдап чыгаруу.

Концепциясы:

Түрк дүйнөсүнүн байыркы жана учурдагы материалдык жана руханий баалуулуктарын ачып көрсөтө алган, рационалдуу, жаңычыл жана заманбап илимий түшүнүктөр менен канатташ өзүн тынымсыз өстүрүп, илимге, маалымат алмашууга, түрк цивилизациясынын өнүгүшүнө өз салымын кошуп, эл аралык деңгээлде Кыргызстандын, Түркиянын жана түрк дүйнөсүнүн алдыңкы институттарынын бири болуу.

Максат жана милдеттери:

Коомдук илимдер институтунун максаты Азиянын борборунда, түрк дүйнөсүнүн чок ортосунда орун алган Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин «улуу идеалогиясынын» бир бөлүгү болгон Коомдук илимдер институту жергиликтүү калк жердеген аймактын мүмкүнчүлүктөрүн колдоно билген жана эл аралык деңгээлде маанилүү иш жасай алган, дүйнөлүк абройго ээ адистерди даярдоо.

Коомдук илимдер институтунун милдети билим берүү жана илимий изилдөөчүлүк иш-аракеттери менен Кыргызстан жана ошондой жалпы эле түрк дүйнөсү муктаж болгон окумуштууларды даярдаган, дүйнөлүк талапка жооп берген окуу жай болуу.

- дайыма рационалдуу, жаңычыл жана заманбап илимий аң-сезимдүүлүк менен өнүгүү;
- илимий же башка маалымат менен бөлүшүү;
- түрк цивилизациясынын өнүгүшүнө салым кошкон институт болуу;
- ЖОЖдон кийинки окуу программаларын даярдоо, ал программалардын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу;
- дипломдук иштердин сапатын жогорулатуу, аларды басма сөздө жарыялоо;
- жергиликтүү жана эл аралык мекемелер менен академиялык жаатта кызматташуу.

Иш-чаралар:

- Коомдук илимдер институту долбоорлор тууралуу маалымат берип турат, студенттердин актуалдуу темалар боюнча изилдөө жүргүзүшүнө багыт көрсөтөт, коомдук илимдер боюнча илимий жана технологиялык өнүгүүлөрдү эске алуу менен ЖОЖдон кийинки билим берет. Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган «Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускамасынын» алкагында жогоруда саналып өткөн милдет жана жоопкерчиликтер университеттин Уставына ылайык ишке ашырылат.

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ



**Жалпы маалымат**

Миссиясы:

Табигый илимдер институт ЖОЖдон кийинки билим берүүгө салым кошуу максатында илимий баалуулуктардын негизинде глобалдык көйгөйлөргө жана күтүүлөргө жооп бере ала турган деңгээлдеги билим менен билим берүү менен бирге, технологиялык билимге ээ, өзгөрүүгө оңой ыңгайлашкан, чыгармачыл, өз кесибин аткарууда зарыл көндүмдөрдү билген жана бул көндүмдөрү жогорулатууну сезе билген, маданий байлык жана сапат тууралуу түшүнүгү бар адистерди даярдайт.

Табигый илимдер институту магистратура программасына мыкты студенттерди тандап алат жана аларга үзгүлтүксүз билим берүүгө аракет кылат. Мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде кызматташтык жүргүзөт, учурдун талабына ылайык жаңы программаларды ачып турат, аларды ишке ашырууга аракет кылат.

Концепциясы:

Табигый илимдер институту коомдогу баалуулуктарга терең маани берет, элге пайда алып келүү үчүн өнөктөштөрү менен тил табышууну алдыңкы планга коёт, объективдүү принципке таянуу менен кызматташтыкты жүргүзөт, бардык иштерди активдүү аткарат, студенттери жана окутуучулары жаратылышка аяр мамиле жасайт, илимий жаатта этиканы бузбайт, мамлекеттик жана эл аралык илимий чөйрөдө сый-урматка ээ, жогорку сапатта билим берүүнү көздөйт, жаратман жана абройлуу мекемелердин бири болууга дайыма умтулат.

Иш-чаралар:

Табигый илимдер институту табигый, инженердик жана айыл чарба илимдери тармагында илимий жана технологиялык өнүгүүлөргө байкоо жүргүзүү менен ЖОЖдон кийинки билим берет. Аталган багыттарда долбоорлорду ишке ашырат, студенттердин актуалдуу темаларды изилдешин жөнгө салат. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускамасынын алкагында жогоруда саналып өткөн милдет жана жоопкерчиликтер университеттин Уставына ылайык ишке ашырылат.

## ЖОГОРКУ МЕКТЕПТЕР

### ЧЕТ ТИЛДЕР ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ




### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Чет тилдер жогорку мектеби тил үйрөтүү курсундагы милдеттүү түрдө окутулуучу тилдерди (түрк, кыргыз, англис, орус, кытай тилдери), кесиптик орто билим берүү жана бакалавр программаларында окуган студенттерге чет тилин үйрөтүү (англис тили, орус тили, немис тили) сыяктуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тил үйрөтүүгө байланыштуу бардык иш-аракеттерин аткаруу максатында ачылган. 1997-жылдын 26-ноябрында Бишкек шаарындагы Манас проспектисинин №16 дарегинде жайгашкан эски балдар бакчасында алгачкы жолу Чет тилдер жогорку мектеби түрк тилин жана англис тилин үйрөтүү менен өз ишин баштаган. Андан соң Тынчтык (Мира) проспектисинин № 56 дарегинде жайгашкан башкы имаратта биринчи жолу «Чет тилдер жогорку мектеби» деген аталыш менен ишмердүүлүгүн баштаган. Чет тилдер жогорку мектеби алгачкы жолу 1999-2000-окуу жылында университеттин академиялык уюштуруу түзүмүнөн орун алган.

Миссиясы:

Чет тилдер жогорку мектебинин негизги максаты  түрк тилдүү мамлекеттердин жана башка улуттардын жаштарынын башын бириктирүү, үзгүлтүксүз билим алууга умтулган бардык коом өкүлдөрүнүн эриш-аркак билим алуусуна шарт түзүү, мыкты адистерди даярдоо, түрк дүйнөсүнүн орток маданий мурастарын асырап аздектеген, адамзаттын адеп-ахлактык баалуулуктарына ээ, коомчулуктун алдында өз жоопкерчилигин сезе билген, заманбап, эл аралык стандарттардын талаптарына толук жооп берген инсандарды тарбиялоо жана түрк цивилизациясын өнүктүрүү менен катар дүйнөлүк илимге өз салымын кошуу.

Концепциясы:

Жаңы усул-ыкмалар менен түрк жана кыргыз тилдеринен башка англис, немис, орус жана кытай тилдерин жогорку деңгээлде үйрөтүү менен коомго кызмат кылган жогорку мектеп болуу.

Максат жана милдеттери:

Чет тилдер жогорку мектебинин тил үйрөнүү курсунда милдеттүү түрдө түрк, кыргыз тилдери; ал эми айрым бөлүмдөрдүн студенттерине англис, орус, кытай тилдери; кесиптик орто билим берүү жана бакалавр программаларында окуган студенттерге англис, орус, немис, кытай тилдери үйрөтүлөт. Жалпы кесиптик сабак болуп эсептелген «кыргыз тили жана адабияты» да Чет тилдер жогорку мектеби тарабынан өтүлөт. Чет тилдер жогорку мектеби Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тил үйрөтүүгө байланыштуу бардык иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу үчүн ачылган.

Иш-чаралар:

1.даярдоо бөлүмүндө билим берүү жалаң гана кыргыз жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт;

2. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин кесиптик жогорку мектебинде, факультеттеринде, институттарында кыргыз, түрк тилдеринде билим берилет. Андан сырткары тандалган орус, англис, немис тилдеринде да билим берилет;

3. тил үйрөтүү курсунда студент тандаган бөлүмгө жараша кыргыз жана түрк тилдеринен башка орус, англис, немис жана кытай тилдери үйрөтүлөт;

4. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин кызматкерлерине кыргыз, түрк жана орус тилдери үйрөтүлөт;

5. Кыргызстандагы мамлекеттик мекемелердин суроо-талабы менен кыргыз тили үйрөтүлөт;

6. мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын суроо-талаптары менен түрк тили үйрөтүлөт;

7. коомдук жана табигый илимдер институттарынын студенттерине чет тилдери үйрөтүлөт;

8. Кыргызстандагы Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте «орус тилинде билим берген мектептерде кыргыз тилинен окуткан мугалимдерге семинарлар» уюштурулат;

9. Түркиядагы Анкара университети, ТӨМЕР жана ушул сыяктуу мекемелер менен кызматташуу жүргүзүлөт;

10. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректораты тарабынан кол коюлган протоколго ылайык билим берүү жаатында түрдүү кызматташуулар жүргүзүлөт.

## КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

### КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кесиптик жогорку мектеби Кыргызстан жана башка Орто Азия өлкөлөрүндө жумушка орношо алган, коомдук экономикалык жана технологиялык өнүгүүгө салым кошууга умтулган, дүйнөлүк баалуулуктарга таянган, өз адистиги боюнча бардык маалыматка ээ, технологияны өздөштүргөн жана өз жөндөмдөрүн туура пайдалана билген, чыгармачыл, өзүнө ишенген, маданияттуу жана коммуникабелдүү, кесиптик этиканын чегинде иш-аракет кылган, талап кылынган адистиктерди жана ыкмаларды өздөштүргөн квалификациялуу адистерди окутат жана даярдайт.

Концепциясы:

Кесиптик жогорку мектептин концепциясы - жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде даярдалган окуу программалары менен кесиптик жана методикалык билим берет, баалуулуктарды билген, жаңычыл, активдүү, чыгармачыл, дайыма өнүгүүгө даяр, маалымат алуу жолун көрсөтө алган, активдүү үйрөнүүнү принцип кылган, кызыкдар тараптар менен натыйжалуу кызматташууга даяр, үзгүлтүксүз билим алууга умтулган адистерди даярдайт.

Максаты жана милдеттери:

Кесиптик жогорку мектептин негизги максаттары:

- доордун, коомдун, иш чөйрөсүнүн талаптарын жана өнүгүү үчүн зарыл болгон муктаждыктарды канааттандырган, дүйнөлүк стандарттарга жооп берген билим берүү программаларын ачуу;
- окуу программаларын дайыма жаңылоо;
- үзгүлтүксүз билим алуу аң-сезимин калыптандыруу үчүн жеке инсандык жана кесипкөйлүк сапаттарды өнүктүрүүчү программаларды түзүү жана / же аларга катышуу;
- технологияга негизделген билим алуу аң-сезимин калыптандыруучу физикалык инфратүзүмдү бекемдөө.

Милдеттери:

Кесиптик жогорку мектептин милдети - кесиптик, методикалык билим берүү жаатында жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде дайыма технологиялык өнүгүүлөрдү өздөштүрүп турган өрнөк окуу жайы болуу. Бул милдетти ишке ашыруу үчүн:

- автотехникалык экспертиза жүргүзүү устаканасынын инфратүзүмүн даярдоо. Бардык окуу программаларын текшерүү;
- бардык бөлүмдөрдү аккредитациялоо;
- профессордук-окутуучулук курамдын күчтүү болушу үчүн окутуучуларды пландоо жана камсыз кылуу;
- Түрк кызматташуу жана координациялоо боюнча агенттиги менен алаканын натыйжасында коомго, тийиштүү тармактарга жана кызматкерлерге багытталган билим берүү (катчылык, бухгалтердик операциялар, соода, бала багуу, автомобиль транспортун техникалык тейлөө жана оңдоо, официант ж.б.);
- мекеменин кызматкерлерине багытталган компьютердик сабаттуулук курстарын жана семинарларды өткөрүү;
- көрүнүктүү ишкерлерге семинар өтүү;
- илимий изилдөө долбоорлоруна катышуу;
- физикалык жана технологиялык инфратүзүмдү өнүктүрүү максатында түзүмдөргө колдоо көрсөтүү;
- тийиштүү ишканалар менен кызматташуу;
- башка кесиптик окуу жайлар менен кызматташуу жана бир максатка карай аракет кылуу;
- салттуу түрдө үй-бүлө кеңешин түзүү;
- тийиштүү ишканалар менен багыт көрсөтүүчү кеңештерди түзүү;
- жаңы компьютердик графика тайпаларын түзүү;
- сабактын мазмунун камтыган документтерди жаңыртып туруу;
- Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин веб-баракчасын 4 тилде жаңыртып туруу;
- архитектуралык макеттердин дизайны, бала тарбиялоо, кол өнөрчүлүк жана автоунаага байланыштуу макеттердин көргөзмөсүн уюштуруу;
- коом алдында жоопкерчиликтүү мекемелерге колдоо көрсөтүү;
- бүтүрүүчүлөр менен байланыш түзүү жана байкоо жүргүзүү;
- Кыргызстанда тийиштүү адистик боюнча муктаждык жаралган тармактарга багытталган жаңы программаларды ачуу үчүн иликтөөлөрдү жүргүзүү (ат спорту жана машыктыруу, маалымат коопсуздугу, карыларга кам көрүү, электр энергиясын өндүрүү, жеткирүү жана таратуу, салттуу кол өнөрчүлүк ж.б.).

Иш-чаралар:

Кесиптик жогорку мектеби Кыргызстанда, Орто Азия өлкөлөрүндө, жалпы эле дүйнө жүзүндө муктаждык жаралган коомдук жана методикалык тармактарда квалификациялуу адам ресурстарын даярдоо максатында төмөндөгү иш-чараларды аткарат:

- менеджмент (офис менеджмент);
- мектепке чейинки билим берүү;
- экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча);
- маркетинг (тармактар боюнча);
- туризм;
- автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо;
- имараттарды куруу жана эксплуатациялоо;
- ширетүү өндүрүшү;
- жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо;
- автомобиль транспортун техникалык тейлөө жана оңдоо.

# ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ОРТОЛОРУ

## БИОТЕХНОЛОГИЯ ЖАНА БИОАРТҮРДҮҮЛҮК БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

Тянь-Шань тоолору, Борбордук Азияга жан берип турган сууга бай жерлери, тоолор, жайлоолор жана түздүктөрдөн турган катаал жана өзгөрүлмө географиялык түзүлүш, типтүү талаа климаты жана топурагы менен калыптанган экосистеманын генетикалык түзүлүштөрү Кыргызстанда, Борбордук Азияда көп түрдүүлүктү жаратат. Бул өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын микробиологиялык потенциалын колдонуу менен медицина, тамак-аш, айыл чарба, мал чарбачылык, чөйрөнү илимий изилдөө жана аларды колдонуу ачылыштары күтүлүүдө. Аталган көп түрдүүлүк боюнча жүргүзүлө турган изилдөөлөр экосистемаларды, экологиялык түзүлүштү коргоо; жашоого ыңгайлуу, туруктуу жаратылыш чөйрөсү адам менен табияттын дени сактыгын коргоо үчүн маанилүү. Жер шарындагы чектелүү жаратылыш ресурстары адам санынын көбөйүшүнөн жана технологияны аң-сезимсиз колдонуудан улам түгөнө баштады. Жаратылыш ресурстарын аң-сезимсиз жана ысырапкорчулук менен пайдалануу жер бетиндеги тиричиликти камсыз кылуу системасынын начарлашына, биосистемалык жана экосистемалык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келет. Негизги муктаждыктардын ажырагыс булагы болгон суу, топурак, өсүмдүктөр жана жаныбарлар, алардын жашоо жана баш калкалоочу чөйрөлөрү начарлап, жок болуп баратат жана бул начарлоо жана жок болуу глобалдык экологиялык коркунучтарды жаратууда. Ушул себептерден улам биоартүрдүүлүк боюнча илимий-изилдөө жана колдонуу иш-чаралары жаратылыш ресурстарын керектебеген, адамдар керек болсо ошончо колдоно турган жана ал тургай баалуулуктарды алмаштыра ала турган системаларды иштеп чыгууга илим жооптуу. Буга байланыштуу жүргүзүлө турган изилдөөлөр биотехнология жана молекулярдык биология тармактарында заманбап технологияларды колдонуу, аймактагы жандыктардын генетикалык түзүлүштөрүн изилдөө, түрлөр ортосундагы айырмачылыктарды табуу жана сунуштоо менен каралышы керек. Жогоруда аталган жана биотехнологияга тиешелүү тармактардагы потенциалды экологиялык тең салмактуулуктарга зыян келтирбестен адамзаттын жыргалчылыгы үчүн колдонуу. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин заманбап лабораториялык жабдуулары жана күн санап жакшырып бара жаткан академиялык тажрыйбасы, региондордун биоартүрдүүлүгүн изилдөөдө улуттук жана эл аралык институттарга жана изилдөөчүлөргө мүмкүнчүлүктөрдү берет. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин биотехнология жана биоартүрдүүлүктү изилдөө жана колдонуу борбору» табигый биоартүрдүүлүктү изилдөө, сактоо жана билим берүү боюнча иш-чаралары менен өзүнүн регионунун референттик борбору болуууну көздөйт. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ичинде жана тышында улуттук жана эл аралык институттар жана уюмдар менен биргеликте биоартүрдүүлүк боюнча коомдун бардык катмарларына теориялык жана практикалык билим берүү, фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жана долбоорлорду ишке ашыруу, биоартүрдүүлүк боюнча маалымат базаларын түзүү, коомчулукка биоартүрдүүлүк жөнүндө маалымат берүү, панелдик сессияларды, конгресстерди, конференцияларды жана ушул сыяктуу иш-чараларды уюштурууну жана кеңеш берүүнү өзүнүн иш принциптери катары кабыл алган. Бул максаттарды ишке ашыруу менен бирге акыркы заманбап технологияны колдонуу менен доорду кууп жетүү максат кылынган.

Миссиясы:

Биотехнология жана биоартүрдүүлүк боюнча изилдөө борборунун миссиясы - Кыргызстандын, өзгөчө биз жашаган Бишкек шаарынын артыкчылыктарын жана муктаждыктарын эске алуу менен биотехнология жана биоартүрдүүлүк боюнча изилдөөлөрдү жана колдонмолорду жүргүзүү, аларды ишке ашыруу, мамлекеттик же мамлекеттик эмес уюмдардын, мекемелердин илимий изилдөөлөрүнүн, биринчи кезекте Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тийиштүү бөлүмдөрүнүн илимий изилдөө жыйынтыктарын пайдалануу. Биргеликте жасалган аракетибиз менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин атын эл аралык аренада, бүткүл дүйнөдө таанытуу.

Концепциясы:

Кыргызстанда гана эмес, бара-бара бүткүл Орто Азияда эң чоң борборлордун бири катары биотехнология жана биоартүрдүүлүк боюнча улуттук жана эл аралык изилдөө, колдонуу, окутуу жана өнүктүрүү ишин жасоо, бул тармакта сапаттуулук боюнча стандарттарга жооп берүү жана колдонуу.

Милдеттер:

Шаардын, аймактын жана өлкөнүн артыкчылыктарын жана муктаждыктарын канааттандыруу, туруктуу изилдөөлөрдү жүргүзүү жана кызматтарды көрсөтүү, тармактар аралык илимий-технологиялык долбоорлорду түзүү үчүн мамлекеттик же мамлекеттик эмес мекеме жана уюмдар менен кызматташуу, илимий изилдөө лабораторияларын жөнгө салуу жана эл аралык деңгээлде аккредитациялоонун стандарттарына жооп берүү аркылуу эл аралык мамилелерди жана таанууну жогорулатуу.

Долбоорлор:

1. Ысык-Көлдүн Тоң районундагы Кажы-Сай айылында орун алган мурдагы Советтер Союзунан калган уран казылуучу жайдын булганган чөйрөсүн тазалоо максатында эфедра (Ephedra sp.) жана мия (Glycyrrhiza sp.) өсүмдүктөрүн биомонитор организм катары колдонуу долбоору ишке ашырылды;

2. Кыргызстанда абдан кеңири өндүрүлгөн буудайдын (Triticum aestivum L.) жана арпанын (Hordeum vulgare L.) сортторунун түрдүүлүгүн арттыруу жана филогенетикалык изилдөө жүргүзүү үчүн биотехнологиялык усулдар менен изилдөө долбоору ишке ашырылды;

3. Кегети кыштагында табылган эңилчектердин кээ бир түрлөрү жана алардын жүн боёо өзгөчөлүктөрүнүн аныкталышы.

Кененирээк маалымат алуу үчүн шилтемени басыңыз: https://biyam.manas.edu.kg

## ОРТО АЗИЯНЫ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Камкорчулар кеңешинин 2010-жылдын 30-ноябрында кабыл алган чечими менен Орто Азияда саясий, стратегиялык, социалдык, экономикалык жана маданий изилдөөлөрдү жүргүзө турган Орто Азияны изилдөө борбору түптөлгөн.

Орто Азияны изилдөө борборунун миссиясы-Орто Азия өлкөлөрүнүн жана Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы социалдык, саясий жана экономикалык мамилелерди чыңдоо, орток маданий мамилелерди бекемдөө аркылуу аймактык жана дүйнөлүк тынчтыкты камсыз кылуу, Орто Азиянын географиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен стратегиялык план түзүү жана долбоорлорду иштеп чыгуу, бөлүшүү жана ишке ашыруу, ошондой эле бул максатта кызматташуу жана кызматкерлерге жардам берүү.

Орто Азияны изилдөө борбору эч бир саясий мекемени же саясий көз карашты жактабайт. Тескерисинче, саясаттын туура, акылдуулук менен бейпилдикте жүрүшүн камсыз кылган маалымат инфратүзүмүн жана перспективаларды түзөт.

Муну менен бирге Орто Азияны изилдөө борбору эл аралык мекемелерге, Кыргызстан жана Түркиядагы мамлекеттик же жеке менчик мекемелерге саясий, коомдук, экономикалык жана билим берүү жаатында багыт көрсөтөт, эл аралык деңгээлде академиялык публикацияларды, отчетторду жана китептерди басып чыгарат, жарыялайт. Ошондой эле Орто Азиядагы өлкөлөр менен башка өлкөлөрдүн ортосунда орток стратегиялык иш-аракеттерди уюштурат, илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт жана долбоорлорду түзөт жана ишке ашырууну жетектейт, окутуучу жана студент алмашуу программаларынын түзүлүшүнө салым кошот. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн Орто Азиядагы жана жакынкы өлкөлөрдөгү университеттер, изилдөө борборлору, мамлекеттик, мамлекеттик эмес уюмдар жана эл аралык мекемелер менен кызматташат жана эл аралык же жергиликтүү деңгээлде конгресс, симпозиум уюштурат.

Миссиясы:

Орто Азияны изилдөө борборунун миссиясы- Орто Азия аймагы жана бул аймактын жакынкы жерлерин жердеген калк жана мамлекеттер тууралуу саясий, стратегиялык, коомдук, экономикалык жана маданий тармактарда жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде изилдөө жүргүзүү, мындай изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүнө дем берүү, академиялык иш-аракеттерди уюштуруу жана бул иш-аракеттерге багыт көрсөтүү жана ишке ашыруу, консультация берүү, Орто Азия аймагы тууралуу сапаттуу илимий эмгектерди жарыялоо.

Концепциясы:

Орто Азияны изилдөө борбору Орто Азия аймагы жана ага жакын жайгашкан калктардын, мамлекеттердин саясий, стратегиялык, коомдук, экономикалык, маданий тармактарда жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт. Семинар, конференция, форум, панелдик сессия ж.б. академиялык иш-чараларды уюштурат.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Орто Азияны изилдөө борбору 2011-жылдын сентябрь айында түптөлгөн. Орто Азияны изилдөө борборунун негизги максаттары төмөнкүлөр:

- Орто Азия аймагы жана коңшулаш элдери, ошондой эле мамлекеттери менен байланышкан саясий, стратегиялык, социалдык, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө

улуттук жана эл аралык деңгээлдеги изилдөөлөрдү алып баруу, аларга дем берүү, академиялык иштердин уюштурулушун жана координациясын камсыз кылуу жана жүргүзүү;

- Эл аралык уюмдарга, Кыргызстан жана Түркиядагы мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарга Орто Азиядагы саясий, стратегиялык, социалдык, экономикалык жана маданий маселелер боюнча консультация берүү;
- Орто Азия аймагын, коңшулаш элдерин, мамлекеттерин изилдөөнү каалаган институттардагы окумуштууларга жардам берүү, алар менен өнөктөшүү;
- Орто Азия аймагы, коңшулаш элдери, мамлекеттери тууралуу саясий, стратегиялык, социалдык, экономикалык жана маданий маселелерди камтыган академиялык басылмаларды, отчётторду жана китептерди эл аралык деңгээлде жарыялоо же жарыялоого дем берүү;
- Кыргызстан жана Түркиядан тарта Орто Азия өлкөлөрү менен башка тиешелүү өлкөлөрдүн ортосунда жасалган орток стратегиялык иш-чараларды, илимий изилдөөлөрдү жана долбоорлорду жүргүзүү, окутуучу жана студент алмашуу программаларын иштеп чыгуу;
- Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда маалымат жана тажрыйба алмашууну жакшыртуу;

Орто Азияны изилдөө борбору жогоруда айтылган максаттарга жетүү үчүн төмөндөгү иш-аракеттерди жасайт:

- Орто Азияны изилдөө борборунун максаттарына ылайык, Орто Азия жана коңшулаш өлкөлөрдөгү университеттер, изилдөө борборлору, жарандык коомдор, мамлекет жана эл аралык мекемелер менен өнөктөштүк кылуу;
- Эл аралык жана улуттук мекеме жана уюмдарга Орто Азия менен байланышкан маселелер боюнча консультация берүү, Орто Азия аймагына карата дисциплиналар аралык изилдөө жүргүзүү, долбоорлорду түзүү, аларды ишке ашыруу жана жөнгө салуу;
- Орто Азия менен байланышкан эл аралык академиялык мезгилдүү журнал чыгаруу, үзгүлтүксүз отчётторду жана китептерди басып чыгаруу, темага байланышкан электрондук китепкана, архив жана электрондук байланыш тармагын түзүү, темага байланыштуу басылмалардын Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин карамагында болушуна аракет кылуу;
- Эл аралык, аймактык жана улуттук деңгээлдеги конгресс, симпозиум, семинар, конференция, форум, панелдик сессия ж.б. иш-чараларды уюштуруу;
- Орто Азияны изилдөө борборунун максатарына ылайык, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бөлүмдөрү менен биргеликте түрдүү окуу программаларын (семинарлар, сабактар, курстар, сертификаттык программалар, жайкы окуу ж.б.) жүргүзүү, буга байланыштуу факультет, бөлүмдөрдөн келген изилдөө сунуштарын баалоо жана уюштуруу;
- Орто Азия аймагын жана анын чөлкөмүн изилдей турган университеттер, изилдөө мекемелери, институттар жана борборлор менен орток илимий, көркөм өнөрлүк, спорттук, маданий иш-чараларды пландоо жана уюштуруу;
- Орто Азия аймагын жана анын чөлкөмүн изилдей турган университеттер, изилдөө мекемелери, институттар жана борборлор менен академиялык кызматкер, административдик кызматкер, студенттер үчүн билим берүү, практика өтүү же алмашуу программаларын уюштуруу;
- Кыргыз-Түрк «Манас» университети Түркия, Кыргызстан жана Орто Азиядагы башка университеттер менен кызматташуу аркылуу, илимий изилдөө жүргүзө турган жана максаттарды ишке ашыра турган окутуучуларды, студенттерди дайындайт, аларга дем берет;
- Борбордун максаттарынын жана ишмердүүлүгүнүн алкагында ар түрдүү маселелер боюнча жумушчу топторду жана комиссияларды түзүү;

- Борбордук башкаруу комитетинин чечимдерине жана борбордун максатына туура келген башка иштерди жасоо;

Орто Азияны изилдөө борбору максатка ылайык иштерди жүзөгө ашыруу үчүн беш жумушчу тобун түздү. Булар: саясий илимдер жана эл аралык мамилелер; экономика, социология, билим берүү жана медиа.

Орто Азияны изилдөө борбору тарабынан аткарылган иш-чаралар жана отчеттор тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн шилтемени басыңыз: https://orasam.manas.edu.kg

## ТҮРК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫН ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

Ар бир маданияттын өзүнө таандык баалуулуктары болгондой эле ошол маданиятты башка маданияттан айырмаланып турган өзгөчөлүгү да бар. Орток өзгөчөлүккө ээ болгон маданияттар баалуулуктардын уюткусу катары чогулуп цивилизацияны пайда кылат. Цивилизация географиялык шарттарга, климатка жана маданиятка жараша калыптанат. Көчмөн элдердин жашоо образынын негизинде пайда болгон цивилизация менен отурукташкан элдердин жашоо образынын негизинде пайда болгон цивилизация бири-биринен өтө алыс сыяктуу кабыл алынса дагы бул эки жашоо образы бири-бирин толуктап, бири-бирине муктаж болуп турат. Шаар цивилизациясынын өкүлдөрү көчмөн элдердин эт жана сүт азыктары менен камсыз болууга муктаж болсо, көчмөн калктар шаардыктардын айыл чарба продукцияларына жана ошондой эле зарыл керектөөлөрүн камсыздоо үчүн отурукташкан элдердин базарларына барууга муктаж болушкан. Түрк цивилизациясы бул эки жашоо образы менен жуурулушуп, гүлдөп-өсүп бай маданий мурасты калтырган.

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору адамзат тарыхына көптөгөн саясий, башкаруучулук жана маданий жактан салым кошкон түрк цивилизациясын байыркы мезгилден азыркы мезгилге чейин ар тараптуу таанытуу максатында түзүлгөн. Бул максатта көптөгөн конгресс, симпозиум, эл аралык конференциялар уюштурулду. Дүйнөнүн төрт бурчунан илимпоздор катышкан конференцияда жасалган докладдар басылып чыгып, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн жана окурмандардын назарына коюлду. Изилдөө борборунда китепкана ачылып, айрыкча түркология, тарых, археология, саясат багытында түрк цивилизациясына байланыштуу 3000ден ашуун китептен изилдөөчүлөр пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышты.

Түрк цивилизацияларын изилдөө борборунун журнал басып чыгаруу, конгресс, семинар өткөрүү, ошондой эле долбоорлорду аткаруу, билим берүү иштерине катышуу, башка илимий изилдөө борборлору менен кызматташуу, окутуучу жана студент алмашуу программалары сыяктуу иш-чараларына көбүрөөк көңүл бөлүнүп, анын иштөө чөйрөсү кайрадан иштелип чыкты. Орто Азия борбору тарабынан ишке ашырылчу эл аралык долбоорлор жана келишимдер аркылуу университеттин кызматкерлеринин жана студенттеринин изилдөө иштерине чоң салым кошуу көздөлүүдө. Бул максатта Орто Азия борбору тарабынан башка өлкөдөн келген изилдөөчүлөргө колдоо көрсөтүлө баштады. Айрыкча тил жана тарых жаатында жаңы эмгектер жана илимий изилдөө долбоорлору ишке ашырылууда.

# ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ

## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Үзгүлтүксүз билим берүү борбору - бакалавр жана ЖОЖдон кийинки билимден башка билим берет жана илимий изилдөө ишин жүргүзөт. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борбору Камкорчулар кеңешинин 2008-жылдагы чечими менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар, эл аралык мекемелер менен университеттин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө максатында түзүлгөн.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борбору мамлекеттик же мамлекеттик эмес уюмдар, эл аралык мекемелер жана жеке тараптар муктаж болгон тармактарда кеңеш берет, жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде окуу программаларын, курстарды, семинарларды, конференцияларды уюштурат. Ушуга окшогон иш-чараларды жөнгө салат жана аларга байланыштуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин мүмкүнчүлүктөрүн таанытат.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борбору ааламдашуу жолундагы дүйнөдө дайыма өзгөрүп жана өнүгүп турган жашоо шарттарын эске алуу менен мекемелер жана жеке тараптар муктаж болгон тармактарда жол көрсөтөт, маалыматтарды жаңылап турат, сапаттуу билим берет. Бул окуу программаларын уюштуруу, бул программаларды ишке ашыруу жана координацияланышын камсыз кылуу, чет тилин үйрөтүү, компьютерди колдонууну үйрөтүү жана башка ушул сыяктуу адамды өнүктүрүүчү билим берүү менен студенттерди, профессордук-окутуучулук курамды жана административдик кызматкерлерди, мамлекеттик же мамлекеттик эмес уюмдардын кызматкерлерин, коомду тейлейт.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун миссиясы - жеке тараптардын жана мекемелердин ишинин натыйжалуу болушу үчүн алар талап кылган тармактарда дайыма университеттин окутуучуларынын билимин жана тажрыйбаларын колдонуу менен сапаттуу окуу программаларын даярдоо, коомдун өнүгүшүнө салым кошуу менен замандын талабына жооп берүү.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун милдет жана баалуулуктарынын алкагында инсандарга жана мекемелерге билим берет, илимий изилдөө жана кеңеш берүү жаатында колдоо көрсөтөт, коомдун билим берүүдөгү муктаждыктарын мыкты деңгээлде канааттандырат, тийиштүү тармакта коомдук жоопкерчиликти сезе билүү менен алдыңкы орунда болуу принциптери менен иш алып барат.

Үзгүлтүксүз билим берүү борбору тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн шилтемени басыңыз: http://sem.manas.edu.kg

## ДИСТАНТТЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ

### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Дистанттык билим берүү борбору 2013-жылы түзүлгөн. Максаты -факультеттердин студенттерине өтүлүүчү орток сабактарды аралыктан өтүү. 2013-2017-жылдардын аралыгындагы орток сабактардын материалдары университеттин аралыктан билим берүү борборунун веб-баракчасында жайгаштырылган. Ал эми сынактар болсо, кагаз жүзүндө жүргүзүлүп келген. 2020-жылдын 16-мартынан тарта факультеттерде окутулган орток сабактар онлайн өтүлө баштады. Дистанттык билим берүү борбору тарабынан өтүлгөн сабактар:

1. Экология;
2. Кыргызстандын географиясы;
3. Ата мекен тарыхы-II (Түркия Республикасынын тарыхы);
4. Ата Мекен тарыхы-I (Кыргызстандын тарыхы);
5. Заманбап табигый илимдердин концепциялары;
6. Дүйнөлүк жана түрк цивилизациялары;
7. Манас таануу;
8. Философия;
9. Дистанттык билим берүү борбору 2020-жылдан тартып бүтүрүүчүлөргө тарых сабагы боюнча мамлекеттик сынактарды уюштурат.

Дистанттык билим берүү борбору Маалымат технологиялар башкармалыгынан Азизбек Усубалиев жана Жумагүл Нуракун кызы менен, Студенттик иштер башкармалыгынан Гүнхан Кайхан, Муратбек Сардарбеков жана Мээрим Уйчубек кызы менен биргеликте иш алып барат.

Миссиясы:

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Дистанттык билим берүү борборунун негизги миссиясы- университеттен башка жерде бакалавр жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларынын орток сабактарын окутуучулар тарабынан өтүү.

Концепциясы:

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Дистанттык билим берүү борбору билим берүү технологияларын эффективдүү колдонуп, интернеттин жардамы менен сабактарды аралыктан өтөт. Аталган түзүм дайыма билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн аракет кылат; кызматкерлердин, студенттердин жеке адамдык сапаттарынын оңолушуна көңүл бурат, дүйнөлүк баалуулуктарды эске алат, приниципттүү түрдө сапаттуулукту көзөмөлдөйт, дайыма өнүгүп турат, орток сабактарды мыкты жана сапаттуу түрдө бардык факультеттердин студенттерине үйрөтөт.

Кененирээк маалымат алуу үчүн шилтемени басыңыз: http://uzem.manas.edu.kg

## АКАДЕМИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР

| 2022-2023-окуу жылында толук ставкада иштеген академиялык кызматкерлердин наамына карата бөлүнүшү | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **НААМЫ** | **ТРсы** | **КРсы** | **Башка** | **Бардыгы** |
| Профессор | 34 | 18 | - | 52 |
| Доцент | 13 | 19 | - | 32 |
| Доценттин м.а. | 4 | - | - | 4 |
| Доценттин м.а. | 10 | 29 | 1 | 40 |
| Ага окутуучу, PhD | 6 | 40 | - | 46 |
| Ага окутуучу | 21 | 30 | 1 | 52 |
| Окутуучу | 43 | 38 | 2 | 83 |
| Адис | 3 | 5 | - | 8 |
| Кенже илимий кызматкер | 5 | 16 | - | 21 |
| **Жалпы** | **139** | **195** | **4** | **338** |

## АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТКЕРЛЕР

| 2022-2023-окуу жылында толук ставкада иштеген административдик кызматкерлердин түзүмдөргө карата бөлүнүшү | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Түзүмдүн аталышы** | **ТРсы** | **КРсы** | **Башка** | **Бардыгы** |
| Ректорат | 9 | 22 | 0 | 31 |
| Башкы катчылык | 2 | 41 | 0 | 43 |
| Академиялык түзүмдөр | 6 | 57 | 0 | 63 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 1 | 13 | 0 | 14 |
| Китепкана жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы | 0 | 11 | 0 | 11 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 2 | 8 | 0 | 10 |
| Кадрлар башкармалыгы | 3 | 7 | 0 | 10 |
| Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 1 | 63 | 0 | 64 |
| Стратегиялык пландоо башкармалыгы | 11 | 12 | 0 | 23 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 4 | 27 | 0 | 31 |
| Анкарадагы байланыш бюросу | 1 | 0 | 0 | 1 |
| **Жалпы** | **40** | **261** | **0** | **301** |

## 3. 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫ

## ИЛИМИЙ ДАРАЖАГА ЭЭ ОКУТУУЧУЛАРДЫН ЖАНА ОКУТУУЧУЛАРДЫН КИШИ БАШЫНА ТУУРА КЕЛГЕН СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ

| ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ | "(1) СТУДЕНТТЕРДИН ЖАЛПЫ САНЫ" | ОКУТУУЧУЛАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫ | СТУДЕНТТЕРДИН/ ОКУТУУЧУЛАРДЫН САНЫ | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | "ИЛИМИЙ ДАРАЖАГА ЭЭ ОКУТУУЧУЛАР 1/2)" | "ОКУТУУЧУЛАР (1/3)" | "ТОЛУК СТАВКАЛУУ (1/4)" |
| **ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ** | **716** | **89** | **14,32** | **8,04** | **10,53** |
| Батыш тилдери бөлүмү (англис тили жана адабияты) | 86 | 8 | 43,00 | 10,75 | 14,33 |
| Чыгыш тилдери бөлүмү (кытай тили жана адабияты) | 51 | 9 | 17,00 | 5,67 | 8,50 |
| Чыгыш тилдери бөлүмү (орус тили жана адабияты) | 65 | 7 | 21,67 | 9,29 | 13,00 |
| Педагогика бөлүмү (педагогикалык-психологиялык кеңеш жана көмөк программасы) | 93 | 10 | 10,33 | 9,30 | 15,50 |
| Философия бөлүмү | 35 | 8 | 5,83 | 4,38 | 7,00 |
| Синхрондук котормо бөлүмү (кыргызча-түркчө программасы) | 44 | 6 | 44,00 | 7,33 | 8,80 |
| Синхрондук котормо бөлүмү (кыргызча-англисче программасы) | 52 | 5 | 26,00 | 10,40 | 10,40 |
